К.ТЫНЫСТАНОВ атындагы ЫСЫК-КӨЛ
МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Кыргыз адабияты жана манастаануу кафедрасы

**Толубаева Ч.Д.**

# М.Элебаев - улуттук адабиятта психологиялык прозанын баштоочусу

Каракол-2014

УДК82/821.0
ББК83.3 Ки
Т 54

Методикалык колдонмо К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун Окуу-методикалык бирикмесинин чечиминин негизинде (2014-ж. 28-октябрь, протокол №2) басмадан чыгарууга сунушталды.

**Рецензенттер**: филология илиминин кандидаты Бегалиев С.Б.,
филология илиминин кандидаты Сыдыкова Г.Б.

Толубаева Ч.Д.
Т 54 М.Элебаев-улуттук адабиятта психологиялык прозанын баштоочусу: Метод. колдонмо филол. фак-н студ. арналат /-Каракол: Ысык-Көл мамл. ун-ти, 2014. -54 б.

ISBN 978-9967-454-56-9

Методикалык колдонмо филология факультетинин студенттерине арналат. Кыргыз профессионал жазма адабиятынын негиздөөчүсүнүн бири - жазуучу М.Элебаевдин замандаш-калемдештеринен айырмаланган жазуучулук чеберчилиги изилденет. Ошондой эле М. Элебаевдин прозалык чыгармалары психологиялык анализдин негизинде көркөм талдоого алынат.

Т 4603020100-14
ISBN 978-9967-454-56-9 УДК 82/821.0
ВВК83.3 Ки
© Толубаева Ч.Д., 2014.
@ :К.Тыныстанов ат. ЫМУ, 2014.

# КИРИШҮҮ

Кыргыз элинин туңгуч калемгери, кара сөздүн чебери, табиятынан тубаса таланттын ээси жазуучу Мукай Элебаевдин чыгармачылык өмүр жолу кыргыз адабият тарыхында кыйладан бери эле окутутулуп жана изилденип келе жатат. Мукай Элебаев өзгөлөргө окшошпогон чыгармачылык тагдыры менен окурмандарды дайыма өзүнө тартып келет. Ошондой эле сүрөткер өз заманынан, доорунан сезимтал туюму жана адабиятты калемдештеринен эрте түшүнгөн көрөгөчтүгү менен айырмаланат.

Тоо-таштa көчүп-конуп жүргөн кыргыз элинин сабатын совет доору ачканы анык экенин эч ким талашпайт. Мукай ондонгон жетимдердин, кедей-кембагалдардын балдарын окутуу ал доордун алдыга койгон алдыңкы максаттарынын бири эле. Андыктан Мукай билим алып алгач акын катары өзүн элге тааныткан «Зарыгам» аттуу ырын ошол кездердеги жаштардын бардыгы гимндей эле ырдашкан. Эсимде, биз бала чакта, кийин 1990-жылдары эле өзүмдүн ата-энем, айылдыштарым Мукайды сыймыктануу менен эскеришип анын алгачкы ырын жатка айтып, обонго салып ырдашаар эле. Мындай көрүнүш жазуучунун айылдыштарына эле тийиштүү эмес, ал кезде жалпы кыргыз эли билимге чаңкап окууга, жаңы заманга дилгирленген маал болгон. Ошондой Улуу үркүндөн кийин, элде ачкачылык -жокчулук мезгилде башынан бар-жокту, ач-токту кечирген Мукай көксөгөн окуусуна жетип, кат-сабатын эле ачып тим болбостон, тубаса талантын, жөндөмүн өрчүтүп акындык, жазуучулук шыгын өркүндөткөн. Ал бала кезинен эле өжөр, тырышчаак, көздөгөн максатынын аягына жете билген жана сезимтал, көрөгөч, туйуп билүүсү бар бөтөнчө адам болгон. Анын мындай байкагычтыгы, адабиятты да калемдештеринен эрте түшүнүүгө түрткү берген. Ал өмүрүнүн акыркы жылдарында «чыныгы адабият» деп чыркырап калемдештерине адабият кургак агитацияны, саясатты гана даңазалоодон турбастыгын айтып далай макалаларды жазган. Мукай учурдун ырын ырдоого далбас урбастан, чыныгы адабияттын камын көрүүгө кызыккан. Анын мындай көрөгөчтүгмн калемдештери эскерүү макалаларында көрсөтүшкөн. «Оңой менен ачылып сүйлөбөйт. Дайым колтугунда китеп, китептин ичинде эски калың дептери, бир колунда тоголоктой кармаган газета көбүнчө бир жагына кыйшайып бир нерсе окуп, көзүн сүзүп шыбырап акырын сүйлөйт. Качан сүйлөбөсүн, кайда сүйлөбөсүн жан-

жагына байкаган адамга азыраак сүйлөп, көбүрөөк ойлонуп тургандай элестейт. Педтехникумда ар күнү кечинде келип бүткүл студенттер сабактарын бышыкташат. Мукайдын бир партага жалгыздап жаагын таянып алып күбүрөп окуп отурганы көбүнчө Пушкиндин, Лермонтовдун, Некрасовдун, Гоголдун жана башка классиктердин чоң -чоң томдору болоор эле», [9.97] -деп замандашы К.Маликов эскерген. Табиятынан бөтөнчө жаралган Мукайдын билим алып, кат сабатынын ачылышы жана өзүнүн денесине сиңген билим деңгээли анын дагы далай изденүсүнө, көп окуусуна түрткү берген. Ал орус адабиятын эле окуп тим калбастан, чет эл адабиятын да өздөштүргөн. Дүйнө адабияты, маданияты, тарыхынан кабардар болгон жазуучу ар дайым изденүү үстүндө жүргөн. Көп окуп, көп изденген адам адабиятты, жазуучулук өнөрдү терең түшүнүп жана да баалай сындай ала алган шык жөндөмү менен чыныгы адабиятты жаратууга аракеттенген. Совет доору туш тарабынан өнүгүп өзгөчө маданий агартуучулук максаттагы иш чаралар арбын жүргүзүлүп, биздин профессионал адабиятты жаратуучулар жогоруда белгилегенибиздей, акын-жазуучулук милдеттерди эле аткарып тим болбостон, коомдун калыптануу жана өнүгүү жолунда ыкчам аракеттерди кылышкан. Алар кабарчы, сынчы, фельетончу, сатирик ж.б кызматтарды аткарууга милдеттендирилишкен. Анын үстүнө, учурдун эң башкы талабы- социалисттик реализмди жайылтуу жана чагылдыруу эле. Мукай Элебаев деле кезегинде социалисттик реализмдин ырын ырдап, «Ленин», «партия» ураанын чакырган. Бирок ошол эле соц реализм тамырын терең жайып мөмөлөрү гүл бакчага айланган убакта көп окуп жана талыкпай изденген эмгектин натыйжасында адабияттын маани мазмунун, анын максаты чындындыкты көркөм сөз өнөрүндө чагылдырууда турарын билген. Бекеринен, «Мезгилинен озгон күлүк» деп профессор Советбек Байгазиев белгилеген эместир. Мукай өз доорунан, учурдан адабияттын маанисин эрте түшүнгөн. Адабият кургак агитациядан турбастан, чындыкты чагылдыруудан тураарын айтып далай чыркыраган. Жаш жазуучуларга кажыбас мээнеттин аркасында, изденүүнүн аракетинде, турмушту жакшы билүү менен чындыкты көркөм чагылдыруу керектигин далай айткан. Жөн эле кургак бир нерсени үстүртөдөн берип салбастан, турмуштун чындыгын ажыратып жана анын кубаныч-кайгысын сезип, андан кийин ошонун баарын окурманга жеткиликтүү тил менен чыгылдыруу баалуу экендигин билдирген. Анын мындай көркөм адабиятты кабыл алуусу, биринчиден,

тубаса сүрөткерлик таланты, экинчиден изденүүчүлүк, башка элдердин адабиятын окуган эмгегинин аркасында болгон. Жазуучунун адабиятка астейдил жасаган мамилесин жыйырманчы кылымдын залкар жазуучусу Т.Сыдыкбеков: «Ал көп мисалдарды келтирип, өзүнүн баамында биздин акын-жазуучулардын жеке өмүр жашы тажрыйба өнүктүрүү жагынан жаштык кылышпастан, алардын али жазуучулук кесипке үстүртөн жеңил карашканын, чеберчиликти өздөштүрүүнү аз үйрөнгөндөрүн айтып өкүнүп, күңгүрөнүп калчу. «Жаңы ыкманы кээ бирөөлөр экилентип жүрүшөт. Ыкманы мазмундан бөлүп издештин кереги жок. Адабият күндө бир моданы тандаган экилүү келинчек эмес!»[13 .216 ]-деген пикирлерин укканымда чынын айтсам, Мукай менин көзүмө жанылыкты танып жаткан кишидей болуп көрүнчү. Анын кайсы бир пикирлери мага жакпагансыйт. Ал өзүнөн мыкты акынды көрө албай жаткансып сезилчү.»,-дейт. Мына жазуучунун замандашы кезегинде анын адабий талаптарын түшүнгөн эмес.өз убагында Мукай жоого каршы  аттанган жалгыз жоокердей эле адабияттын келечеги үчүн  адабият тарыхында ак кызмат кылган. Ал ар дайым акын-жазуучулардын чыгармачылыгын сындаган адабий макалаларды жазган. Жазуучуларды чыныгы адабиятты жаратууга чакырган. Сүрөткер кыргыз жазма адабияты жаңы гана телчигип, түбү негизделе баштаганда акындык, жазуучулук жана ошондой эле сынчылык кесипти аркалап, адабияттын түптөлүшүнө чоң салымын кошкон. Арийне жазуучунун калеми жаңы гана курчуп  көркөм сөз өнөрүнүн маанисин барктай баштаганда Мекенин коргоо үчүн согушка кетип курман болду. Бирок жазуучунун өмүр-жолу кыска болгон менен анын чыгармачылык жолу узак деп айтсак жаңылышпаспыз.

Ар бир жазылган чыгарма убакыттын өтүшү менен т□лдоо□он, окурмандык иргөөдөн өтүп өз баасын алат. Ошол сыяктуу сүрөткер Элебаевдин прозалык чыгармачылыгы окурмандын жана илимий изилдөөнүн  обьектиси катары өзүнө көңүл бурдуруп келет. Анын кыска жазылган аңгемелери жана «Узак жол» романы түбөлүгү түптүү чыгармалардын катарында туруп, кыргыз жазма адабият тарыхында ар түрдүү илимий изилдөөлөргө алынып келе жатканы белгилүү. Биздин бул чакан илимий эмгекте сүрөткердин прозалык чыгармалары психологиялык анализ аркылуу  талдоого алынды.

## «УЗАК ЖОЛ» романындагы психологизмдин берилиши.

Азыркы адабият таанууда психологизм проблемасы адабияттын көркөм методуна мүнөздүү өзгөчөлүк катары иликтенет жана реализмдин жетишкендиги катары саналат. Психологизмдин өнүгүүсү, дүйнөнү таануу менен каармандын ички жан дүйнөсүн ачуу айлана-чөйрө менен болгон тыгыз байланышта жүрөт эмеспи. Адамдын иш-аракети, жашоо кыймылы, жаратылыш менен адамга байланыштуу чектин баарысы психологизм проблемасында камтылганы да ырас. Психологизм адабияттын бышып жетилгенин көрсөтө турган касиет болуп саналат. Психологизм проблемасы жазуучунун адам турмушуна тереңдеп кирип, анын кыял жоругун айкындап, кайгы-кубанычына ортоктош болуп, ичтеги сырлары менен бөлүшүп жана кандайдыр бир мезгилдин, доордун жашоо агымын көрсөтүүдө турат.

Психологиялык анализ ар түрдүү каражаттарда колдонулат. Автордун окуяны баяндоо тартибинде, же болбосо катышуучу каармандын өзүн өзү анализдөө формасында ишке ашат. Автор психологиялык анализди каармандарды сүрөттөөдө алардын кыял жоругунда, кыймыл аракетинде, мимика, жаңсоо шартында жана аларды чагылдырууда колдонот. Ошондуктан психологиялык анализдин формасы ар түрдүү жана өтө көп. Булар монолог, диалогдук кеп, өзүн өзү анализдөө, подтекст, пейзаж, символ, жана башкалар.

Кыргыз адабиятынын көрүнүктүү окумуштуусу, сынчы К.Асаналиев жазуучунун чыгармаларына кайрадан сын берген макалаларында анын тубаса сүрөткерлик чеберчилигин белгилей келип: «Адамды турмуштук сыноолордун негизинде сүрөттөө, жеке адамдын жана элдин тагдырын тарыхый татаал кырдаалдарда ачык жана так көрсөтүү жагынан М.Элебаев чыны менен кыргыз прозасындагы реалисттик психологизмдин башталмасында турганы талашсыз» [1.51] деп белгилейт. Андыктан Элебаевдин прозалык чыгармачылыгын психологизм маселесинде иликтөөгө толук шарт бар. Анткени жазуучу чыгармасында адамдын ички дүйнөсүн чагылдыруу менен ошол учурдагы жалпы кыргыз элинин тагдырын сүрөттөгөн. Ал роман жаралган учур кыргыз совет жазма адабиятынын түптөлө баштаган алгачкы жылдары эле. Там-туң этип басууга араң кадам шилтеп жаткан балага окшош көркөм адабитыбыздын алгачкы жылдарында жаралган жазуучунун «Узак жол» романы, «Бороондуу күн» жана «Соңку бир күн» чыгармалары менен кыргыз прозасынын психологизминин алгачкы формалары жаралган деп айтсак жаңылышпайбыз. Жазуучунун ийгилиги жазма адабияттын түптөлүш алгачкы жылдарында эле тубаса сүрөткерлик таланты аркылуу ийгиликтүү чыгармаларды жарата алгандыгында жатат.

«Узак жол» романында  жазуучу кыргыз элинин башына түшкөн 1916-жылдагы оор трагедиялык тагдырды, кыргыз тарыхында, бир чети падыша өкмөтүнүнүн кысмагында, экинчи четинен, Кытайга качып кыргынга учураган накта тарыхый чындыкты  чагылдырат. Чыгарманын жанры автобиографиялык чыгарма экени ырас. Жазуучу чыгармадагы окуяларды өз башынан кечирип, бөтөн эл, бөтөн жерге эл менен бирге барып, адам чыдагыс оор күндөрдү  өз башынан өткөрөт. Андыктан чыгарманын баалуулугу дал турмуштун өзүн жогорку чыгармачылык чеберчилик менен сүрөттөп берген талантында жатат. Романда 11 жаштагы бала Мукайдын  жан дүйнөсү аркылуу бардык окуя өнүгөт. Жазуучу чыгармада  өзүнүн  «Мен» аттуу аты аталбаган каарманы аркылуу башынан өткөргөн окуяларды, өзү көргөн турмуштук кыйынчылыктарды аң сезиминде, жүрөгүндө дагы бир жолу электен өткөрүп, сүрөткер катары дүйнөнү көркөм таануусу менен өзүнүн каарманы  менен кошо жашоону нравалык-социалдык изилдөөгө салат. Чыгармада биринчи планда  өзү баштан өткөргөн турмушту өздөштүрүү психологизми турат. Бул белгилүү бир жашоонун закон ченемдүүлүгүн  психологизм түшүнмгүндө билдирүүдө жатат. Психологиялык анализ чыгармадагы каармандын сырткы турпатын эле сүрөттөп тим болбостон анын ички жан дүйнөсүн дал өзүндөй берүү экендигинде.

Романды окуп баштаганда эле энесинин өлүмүн сүрөттөгөн каармандын үй бүлөсүнүн жашоосу  башталат. «Энем  да күндөгүдөй эмес, көздөрү коркунучтуу, чарасынан чыгып, көкүрөгү кырылдап, билер-билбес дем алып улам  жоошуп кетип баратат»  [15.3]. Жазуучу каармандын жан дүйнөсүндөгү алгачкы толгонууларды, убайым-санаа чегүүлөрдүн башталышын  өлүм алдындагы энесинин көзү аркылуу берди. Бала энесинин келбес сапарга кетип баратканын билип жатат. Анткени анын көзү эле коркунучтуу болуп айтып турат. Жазуучу белгилеген  ээн талаадагы «жалгыз кара үйдөгү» турмуш анын үтүрөйгөн кебетисине окшоп энесинен  ажырап жетим эле болуп калбастан,  ачка, кийимдери жыртык, анысы аз болгонсуп ошол жылдары  жалпы кыргыз элин каптаган «келте» оорусу менен баары жыгылышат. Бир ай ооруп жыгылган  үй бүлөнү аталаш агасынын аялы Бурмаке кемпир багууга келет. Бир табак талканды аш кашыктап жарма кылып үнөмдөп берет. Атасы болсо жетимдердин курсагы үчүн жумуш издеп кеткен. Мукайды тайэнеси колуна алып кетет. Чыгарманын ушул жеринен Мукай өзүн мыкты портретчи катары көрсөтө алган.  Анткени чыгарманын башында эле каармандын жашоо-турмушун, ал-ахыбалын алардын көз карашы аркылуу так даана бере алган. Мына баланы таенеси алып кетип  жатат, аны  али оорудан айыга элек Алмакан   эжеси «Кетип баратасыңбы?  Кош эми» дегендей аянычтуу, кайгылуу көзүн муңайтып кала берди»[15.6] дейт. Же болбосо ал таенесинин үйүнөн кайтып келгенден кийинки ооруп, өлүм алдында жаткан атасынын абалына көңүл буралы «Атам адегенде мени тааныган жок окшойт үңүрөйгөн терен  кабагынын алдындагы алсыз көзү

менен бир топко тиктеп туруп:

-И., сен белен!-деп койду да, жөн болду» [ 15.14 ]. Жогорудагы үч көз караш «Көздөрү коркунучтуу, аянычтуу, кайгылуу жана алсыз көзү» ошол кырдаалдагы каармандын ички дүйнүсүнөн кабар берет. Атасы өлүп бaратат. Анын алы жок анткени жокчулуктан, кайырчылыктан алы кетип чарчап бүттү. Ушундай жакырчылык күндөр акыры аны жеп тынды. Атасынан да энесинен да ажыраган бул үй бүлөөнүн эмгекке жарамдуусу он бир жаштагы бала. Жазуучунун чыгарманы чындыктын дал өзүндөй көрсөтүп берген чеберчилиги анын көркөм деталдарды туура тандай алган сүрөткерлигинде эмеспи. Кара тамда жашаган Мукай тайларына келгенде бир башкача абалда калат. Анткени алардын жашаган боз үйү эле аппак болуп алыстан көрүнөт.

«Тосмо суудай мемиреген жазгы жумшак кечте, кыжылдаган сансыз кой аралашып, чаржайыт чуркурап, уйлар музоосун издеп мµµрµп, жер-суунун тынчын алып, кечки тунук абаны экилендирип, айлана кайнаган күүгө толуп турду. Жалгыз молодой жымжырт жерде өскөн адам, мына бу жерден экинчи бир дүйнөнү көргөндөй болдум» [15.7]. Мына ушул жерден баштап каармандын жашоосунда өзгөрүүлөр жүрө баштайт. Бул жердеги жашоо такыр башкача эле. Жазуучу психололгиялык анализдин каражаты пейзаж аркылуу каармандын тайлары жашаган жерди, аларды курчаган чөйрөнү жана баланын ички дүйнөсүн чеберчилик менен көрсөтөт. Пейзаж жөн эле таенесинин жашоосун, анын байлыгын, сараңдыгын эле көрсөтүүгө шарт түзбөстөн, окуянын андан ары өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Бала бир аз айлана-чөйрөгө көнгөн соң аны козу кайтартышат. Он бир жаштагы балага оор жумуш жүктөлөт. Ал бир көнөчөк айран жана бир сындырым нан менен керели кечке козу кайтарат. Курсагы тойгон менен жан дүйнөсү жабыркап, сар санаага, убайымга түшөт. Ал жокчулуктун азабын көп тартса да ички дүйнөсү мынчалык абалга түшө элек эле. Тайэнесинин сөөктөн өткөн «ырысы жок» деген сөзү аны кемсинтип, толгонтуп, ойго салат. Сүрөткер ушул сыяктуу адамдын мүнөзүн түзүп, ошол учурду көрсөтүдө көркөм деталь чон роль ойной турганын көрсөтө алган. «Аралай кубалап кой кармап жүрөбүз. үч-төрт койду саадыргандан кийин көпүрөгө келген эшектей кыйык бир кара токтуну кыйкылдатып, зорго жетелеп келдим. Мындай арам болорбу, саанчыга желини жаңы тие бергенде атып кетип, мени дыргаяктатып алып жүрүп бербеспи. өлбөй тирүү куткарбаймын деген немедей мойнунан салаалаган колумду чыгарбай, тери шымды калдыратып, өлөрмандыкка салып мен да жүрүп отурдум. Ошентип баратып, бир кезде жыңайлак бутумду курч туягы басып кетти эле, сазайымды тартып отура калдым. Койдун чыласына кесилип жүргөн бутум чатырап канап кетти» [15.8].

Мындагы деталдар чыгарманын мазмунун толуктап, сюжеттин өзөгүн түзүп тим болбостон каармандардын жашоосун элестүү кылып, чындыкка шайкеш экенине ынандырат. Шордуу баланын жашоосун

айгинелеген бул окуя анын мүнөзүнүн калыптанышына шарт түздү. Ошону менен катар эле таенесинин кулк-мүнөзүн көрсөттү. Ал жээни Мукайды заар сөздөр менен каарып капчыйт, өз небереси Курманбайды эч убакта антип тилдебейт. Мындай мүнөзүн каарман да билет. Ал дайыма ойлонот, «ырысы жок » деген сөз жалаң томояктарга арналса керек деп бушайманга түшөт. Аны ар дайым жетим менен кедей-кембагалдардын жашоосу түйшөлдүрөт.

Бала таенесиникинен деле жыргап кеткен жок, курсагы тойгон менен жан дүйнөсү бушайман, тайэнесинин сөөктөн өткөн заар тилинен да аны Кен-Суу өрөөнүндөгү байлыгы жагынан эч ким теңеле албаган Сарыбай байдын байбичеси кордойт. Бай көптөн бери ноокас эле. Орусунан айыктырыш үчүн садага берүүнү туура көрүшүп буга төрт кыбыласы түгөл жеттим издешип, каарманды туура көрүшөт. Баланы атайын чыкыртышып, үйүнө барган соң, колуна жалгыз нанды карматып, байбичеси жанына отургузат. Алар бала өзү ойлогондой жетимдигине жаны ачып бирдеме бериш үчүн чыкыртпастан, садага бериш үчүн жети тыйынды ырымдап беришет. Кыргыз элинде «садага чабуу, садага берүүнүн элементтери бүгүнкү күнгө чейин сакталып калган. Бирок ошончо короо-короо кой, үйүр-үйүр жылкысы турса да, бар болгону «жети тыйынды» карматат. Мындай оор психологиялык абалды каарман өзү «Бир нанды жеп, жети тыйынды алганымдан кийин эми менде эч кимдин тыйынча жумушу жок көрүндү, жолума түштүм. Бая мени үйгө киргизген неме иттен чыгарып койду. Жолдо бара жатып бүгүн мени бирөө кордогондой, кемсинткендей болуп көрүнүп көңүлүм иренжиди» дейт. Каарманды турмуш туш тарабынан кыйноого салып жатат. Ал социалдык жетишпестиктен эмес, психологиялык жактан жабыркап, жан дүйнөсү кыйын абалга түшүп отурат. Жазуучунун сүрөткерлиги дал ушул окуяларды берүүдө кайталангыс орунду ээлеген. Анткени жазуучу каармандын эмоционалдык абалын, сезимин деле көрсөткөн жок бар болгону анын каармандын ички дүйнөсү айлана-чөйрөдөн, аны жараткан адамдардан жабыркап отурганын көрсөтүп жатат. Жөнөкөй эле көркөм деталдар «жалгыз молодой кара үй», «алыстан эле көрүнгөн аппак чоң үйлөрдү» алалы. Булар ошол учурдагы эки катмарда жашаган элдин жашоосунан кабар берип, ошол учурду, доорду тастыктап жатат. Баланын бушайманга түшүп сар санаага баткан абалынан аны убайымга салган таенесинин кулк мүнөзү, сараңдыгы ошону менен катар эле катаалдыгы көрсөтүлдү. үч ай бою козусун баккан жээнине, кызынын баласына эмне берди? Бар болгону бир эски күрмөсүн ыраа көрөт. Ушул жерден жазуучу тайенесин өтө эле саран жана катаал кылып көрсөтүп койгон жокпу деген суроо туулат. Бирок анын тун уулу Саадамбай тогуз жүз кою бар болсо да, тери шымдан бөлөк нерсе кийип көргөн эмес, өмүрүндө кездемени колдонмок турсун ошончо байлыгы болсо да бар адамдай байлыгын пайдалана алган эмес. Анткени ал өлүп калган бир козусу үчүн койчусун таң аткыча сабап чыккан. Автор мындай каармандарды үстүртөн

сүрөттөп өтсө да мансапкорлук, сарандык, ачкөздүк сапаттары өнүккөн адамдарды көрсөтүүгөжетишкен. Чернышевский «Психологиялык анализ чыгармачыл талантка айрыкча күч берүүчү сапаттардын эң маанилүүсү»-, деп Толстойдун чыгармаларын анализдµµ менен төмөндөгүдөй жыйынтыкка келет: «психологиялык анализ ар түрдүү багытта көрүнөт; «бирде мүнөздү, кыял-жоруктарды сүрөттөөдө көрүнсө, экинчисинде коомдук мамилелердин жана турмуштук кагылыштардын мүнөздөргө тигил же бул даражада тийгизген таасиринде, үчүнчүсүндө сезим менен аракеттин байланышында, төртүнчүсүндө кумардануулдарды анализдөө» [12.422] деп белгилегендей психологиялык анализ жазуучуунун чыгармачылык максатына ылайыктуу болот. Андыктан Элебаевдин каарманынын жан дүйнөсүндөгү өзгөрү сырткы дүйнөдөн андагы адамдардын кылган мамилесинен улам болуп атат. Ал али эч нерсени түшүнбөгөн бала жокчулук турмуштун айынан эң оор турмуштук соккуларды жан дүйнөсүндө аңдап, жан дүйнөсү аркылуу кабыл алып ички дүйнөсү бушайманга түшүп отурат. Ал үй-бүлөсүнүн жардылыгынан, аны курчаган адамдардын катаалдыгынан, сарандыгынан улам жабыркап жашоонун оордугун бала күнүнөн башынан кечирип жатат. Мына жогорудагыдай жан кейиткен жан дүйнөнүн жабыркашы, турмуштун кыйынчылыгы каармандын жашоосундагы кыйынчылыктын башталышы эле. Ушундай чыгарманын башталышындагы окуялардан улам каармандардын образдары түзүлүү менен эле окуя андан ары өнүгөт. Тайларында жүргөн каарманды атасынын агасы Элебес алып кетет. Каармандын өзү ойлогондой эле «Теги таятамдыкынан келгенге жараша, мынабу да чекем жылый турган жер көрүнбөйт. Атам көр оозунда турганынан капар жок Эшпай кµз жашын көлдөтүп , кардым ачты деп кыңылдап тамак сурап отурат. Береги кишиден калган бир жарманын түбүн шыпкап ууртап ырсайып, Ашымкан карындашым отурат. Айтор бул үй отун, суусуз бир жерге жаңы көчүп түшкөндөй жутаңкы. Ошого жараша да кичи кирим бүлөлү болсокчу, жалаң биз атамдан башкабыз, күчүктөй чубураган алты жетим. Эми Бейшембинин балдары канча! Бейшемби Элебестин жалгыз уулу, отуздан аша берген суюк сакал, кыр мурун, узун бойлуу, кара жигит. Мунун үч баласы бар. Ушинтип эки үйдү кошкондо жалаң чөбүрөө балдар ондон ашык. Койчу эми, бир үйдө каптаган он төрт киши болдук да калдык [15.14].

Элебаевди психологиялык мүнөздөмөнүн чебери деп айтсак болот. Ал 1914-1929-жылдар убагындагы элдин турмушун өз үй бүлөсүнүн тагдыры аркылуу чагылдырган. Мындай каармандардын ички абалы жогорку чеберчиликте көрсөтүлгөн. Энесинен жетим калган бул алтоо эми атасынан да ажырайт. Энесинен да, атасынан да биротоло ажыраган балдар эми минтип жетим калгандары менен иши жок, бар айлалары-курсак тойгузуу. Андай куракта андан башка эмнени ойлонушат. Мына ушундай психологиялык, социалдык мүнөздөмө романдын башталышынан аягына чейин монотондуу өнүккөн сюжетте берилет. Бул

Элебаевдин дал турмуш чындыгын сүрөттөөдөн улам каармандын жан дүйнөсүнүн диалектикасын бере алганын көрсөтөт. Ар кандай турмуштук кырдаалдардын негизинде көрсөтүлгөн каармандардын ички дүйнөсү жогорку чеберчиликте чагылдырылган. Улуусу Мукай он бирде болсо, атасынын өлүмүн жоктоп өкүрүп жатып, балалыгы , эч нерсени аңдай элек мүнөзү менен иниси Беккулга: « Мени туурабай, өзүңчө таап өкүр», дейт «байкай албай калдым, айтор, Беккул дагы мени туурап өкүрүп, жаңкыдай баштагандай болду. Бирок бул жөнүндө жаңылганымды кийин билдим» [15.14]. Айта кетчү нерсе каармандын рухий өнүгүүсү бир калыпта турбастан, ички сезими дүйнөнү ар тараптуу кабыл алуу аркылуу өсүп атат. Балалык кылып Беккулга өзүңчө таап өкүр деп айтып, бирок кийин жаңылганын сезип жатат. Баяндоочу каармандын ички дүйнөсүнүн өсүүсү жашоонун , турмуш чындыгынын ар түрдүү көрүнүштөрүнөн улам кагуу, улам сокку жеген сайын турмуш анын кулк мүнөзүн бекемдеп, тарбиялап отурганын айтат. Каарманга чыныгы турмуш ак-караны ажырата алганга, адамдардын ар кандай кыял-жоругун билгенге түрткү берип жатат. Оор турмуш аны адамдык калыпка салып боорукерликке, кайраттуулукка, чыдамкайлыкка тарбиялайт. Ал өзүн эле эмес, башкаларга да болгон аео сезимин ойготот. Бала Мукай турмуштун закондорун, оордугун, татаалдыгын түшүнөт.

«Урманбет он жак койнунан бир кир жоолукту сууруп чыкты да, учундагы топчудай түйүнчµктү чечип, бечара колу менен тыйындарды санады. Мен ошондо аяп; «Ай, дүнүйө ай ! Ушул бечара карыпты эмнеге аябайт. Элдин баары мендей эмнеге боор ачыбайт!- деп ойлоп кеттим.Урманбет бая бир тышка чыккан бойдон үйгө кирген эмес. Биз жатып жаткан убакта киречилер менен калдырап, жөнөп кеткендей болду. Беш жылдан бери бүгүн келип, бир конбой кеткенине менин ичим күйүп калды. Урманбеттин алдагы тагдырын ойлоп, көпкө уктабай жатым[15.18]. Мына каармандын мүнөзүндөгү биз байкаган өзгөчө сапаттардын бири- боорукердик. Бала кезинен турмушту ойлоп, жокчулуктун айынан бушайманга түшөт. Өзүнө окшогон карыптарга кантип жардам берип, турмуш менен күрөшүп, жашоонун кыйынчылыктарына туруштук берип, далай жокчулук күндөрдү жеңип келет. Жазуучунун мындай чеберчилик менен сүрөттөгөн мүнөздөмөлөрүнүн чындыкка шайкеш, ишенимдүү чагылдырылышынын себеби ал өзү ошол турмушту башынан кечирип отургандыгында жана тубаса сүрөткер экендигинде. Анынүстүнө, чыгарманын сюжетине ылайык катышуучу канча каарман болсо, алардын ар биринин өзүнчө мүнөзүн, мимика -жестин, кебин ачып берүү сүрөткердин чыгармачылык талантына жараша болот. Жазуучу ар бир каармандын образын жаратууда аны менен кошо ар бир окуяга, жаңылыкка чогуу кубанып, кайгыруусу абзел. Орус совет жазуучусу М.Горький: «Жазуучу өзүнүн каармандарын кудум эле тирүү адамдарды карагандай кароо керек. А анын каармандары, качан ар биринин кебинин мүнөздүк өзгөчөлүгүн, адат, өң, кебете, көзүнүн кыймылы жана

башкаларды таап белгилеп сызганда гана, тирүү болот»[5.58]-деп айтканы ырас. Ушул сыяктуу, жазуучу психологиялык анализдин формаларын чыгармачылык менен өздөштүрүп, терең анализдин негизинде каармандын психологиясын жаратат. Мындай көркөм таануу искусстводо психологиялык ачылышка жатат десек болот.

Психологиялык анализ жазуучунун чыгармачылыгында жеке адамды таануу каражаты сыяктуу татаал жана көп жактуу идеялык көркөм функцияларды алып жүрөт . Ал бардык формалары менен чыгармачыл идеяга баш иет жана ал аркылуу катышуучулардын өз ара мамилеси, мүнөзү жана алардын психологизми түзүлөт. Андыктан жазуучу көркөм чыгарманы түшүнүктүү жана кызыктуу кылып жеткирүүдө психологизм проблемасы эң чоң роль ойнойт. «Психологизм профессионалдык чеберчиликти, жазуучунун жана адабияттын толук жетилгендигин көрсөтүүчү кубулуш болуп саналат»деп ф.и.д.И.Лайлиева белгилегендей[11.18] жазуучу психологиялык анализдин формалары аркылуу каармандын образын жаратат. Узак жолдогу баланын образын, ошол Урманбеттин образын алалы. Урманбет чыгармада кирди чыкты каармандардын бири. Бирок ушул образ аркылуу көптөгөн турмуштук кагылышуулар жана болуш бийлердин образдары ачылат. Ал ким-Мукайдын атасынын бир тууган агасынын баласы. Кенедейинен шок, жашоодон дайыма жаны нерселерди күтөт. Башкалардай болуп бир жерде эле тууган урук менен үй бүлө күтүп оокат кылбайт. Ал таптакыр бөтөн адам. Бирок чыгарманын башында, ортосунда берилсе да, бул образ аркылуу ошол учурдагы элдин жашоосу таасын чагылдырылат. Урманбет жашоонун айынан ар кайсы жерге барып иштөөгө даяр. Ал беш жыл үйүнө келбей, туугандарынын жанына бир күн турбай кетип калат. Ал тагдырын тобокелге салган адам. Болуштан да коркпойт. Элдин таламын талашкысы келет. Жазуучу образдын мүнөзүн түзүүдө анализ, синтез салыштыруу, системалаштыруу жана жалпылаштыруунун көп түрдүү формаларын колдонуп каармандын индивидуалдуулугун жаратат. Каармандын сюжеттик сызыктагы мүнөзүн ар тараптан ачып берүү үчүн психологиялык көркөм каражаттын бири портрет колдонулат.» Элебаев адамдын көзү аркылуу алардын ички жан дүйнөсүн көрсөтө алган. Чыгарманын башталышындагы эле энесинин жана атасынын өлүм алдындагы окуяны алалы; «Энем да күндөгүдөй эмес, көздөрү коркунучтуу, чарасынан чыгып, көкөрөгү кырылдап, билер-билбес дем алып, улам жоошуп бaратат». «Атам адегенде мени тааныган жок окшойт. үңүрөйгөн терең кабагынын алдындагы алсыз көзү менен бир топко мени тиктеп туруп-туруп;

-И, сен белең!-деп койду да, жөн болду». Сүрөткер мындай көз караштар менен каармандардын ички абалын, ошол учурду кайталангыс кылып ачып берип койду. Ал эми Мукай Сары-Тологойдо апийим терип иштеп жүргөндө жанындагы чогуу иштешкен эпизоддук каарман Кыдырманын портретин алалы: «Кыдырма менден саал кырдуураак

далылуу, болук, жайык бет, Кызыл тоголок бала. Бирөөдөн жалынып жардам сурачудай, дайым аянычтуу болуп, көзү жалдырап тураар эле». Мында ошол апийимди иштетип аткан Көчкүндүн портрети; Көчкүн болсо куркуйган узун бойлуу, балжайган сары неме. Иттин анан көзү! Көзү бир көргөн адамга укмуш эле. Бирөөгө ачууланганда ышкырып барып, чагып алчу жыландай болуп, акырайган чоң көзү чанагынан чыгып, эки эсе чоңойуп кетер эле.» Элебаев мыкты портретчи деп жогоруда белгилегенибиздей, ал бир эле көздүн мимикалык абалы менен окуянын жүрүшүн каармандардын ички жан дүйнөсүн жана кулк мүнөзүн бере алат. Кыдырманы алалы ал жедеп жокчулуктун айынан дайыма аянычтуу абалда жүрөт. Жашоодон коркот. Ал адам чыдагыс оор жашоодон, дайыма ар-жак бер жакка жумшаган оор күндөрдөн тажап качып кеткиси келет. Ал качалы деген ниетин Мукайларга айтып да көрөт. Бирок каарман качуудан баш тартат. Анткени ал качып барганда кайра эле ушундай тагдыр күтүп турганын билет. «Кыдырма ач талаада калган жаралуу жандай муңайып жүдөгөн, муңдуу көзү менен чыгыштагы тоону дагы бир карап алды да, бир аз ойлонуп калып: -Силер качпасанар койгула, мен качам,-деди. Жазуучу түзгөн каармандардын кайталангыс экени алардын ички дүйнөсүн эсте калчудай сүрөттөп бере алган чеберчилигинде экен. Жогорудагы Көчкүндүн портретинен эле анын кандай катаал, адам экени дайын болду. Ал апийим тилип жаткан кенедей балдарды бала экен деп эч убакта аябайт Анын көзүнөн эле катаал, ырайымсыз адам экени айкын болот. Жогорудагы портретик түзүлүшүнө дал келгендей анын кулк мүнөзү бар. Ал каардуу, аларды каалашынча иштетип, бир мүнөт да эс алдырбайт. Ал аларды кул катары эсептеп, сабаганга чейин барат.

Жазуучу романда турмуштун майда баратына чейин сүрөттөөгө жетишкен. Ал ар бир кенедей нерсеге чоң маани берген. Каармандын портрети менен эле сюжет, окуя уланып атат. Чубураган алты жетимди багууга келген Бурмаке менен Элебестин адамдык улуулугу кандай көрсөтүлгөн! Алар өздөрү деле жыргап кеткен жашоодо турушпайт. Жокчулуктун айынан Кызыл Кыяда жолчу болуп иштешет. Бирок буларда тууганчылык, адамгерчилик сапаттарга каныккан бийик адамдар. Эптеп оокат кылгандарына карабай, жетимдерди да багууга алышат. Алты жетимдин эң улуусу-Мукай. Калганы жумушка жарамы жок кичинекей. Каарман он бир жашта болсо да жан багуунун камын ойлойт. Ал эми Түпкө Василий аттуу орус байынын уюун кайтарууга малайлыкка келет. Айлыгы эки сом. Бул байдын үй бүлөсү балага башкача мамиле кылышат. Жаткан жери каз-өрдөктөрдүн арасы, шыбагасына болгону бир таар тийген. Мындан бойлорун ала качышат. Анысын бала да билет. Керели кечке уй кайтарганы аз келгенсип, үйгө келгенде да жанын тындырбай, аялы ар кайсы жумушка жумшай берет. «үстүмдөн тамтык жок. Эзелтен жуулуп көрбөгөн адырайган тегирич шымым дал-дал бөлүнүп, кири муздай колдойуп, такымымды кызартып, өйкөп жүрөт. Боз көйнөгүмдүн этек, жеңдери бөлүнүп, туш-тушка самсаалап кеткенинен, кай бир мүмкүн

болгон айрыктардын учун бири-бирине түйүштүрүп алгамын. Ошентсе да өзгөрүп кеткен жери жок» [15.23]. Каармандын сырткы турпатын сүрөттөгөн бул портретик көрүнүш жыш деталдарга толгон. Бул жетим баланын социалдык абалын гана көрсөтүп турат. Бирок ошол эле маалда чоң үй бүлөнүн жүгүн аз да болсо жеңилдетүүгө малайлыкка жүргөн баланын абалы оор. Ал бул жерден да жыргап кеткен жок. Аны Василийдин үй бүлөөсү керели кечке отуздай уй кайтартканы аз келгенсип, Эртели-кеч көр жерге жумшап жанын тындырбайт. Ал ушундай абалда жүрсө да өзүнүн таламын талашууга аракет кылат. Ал кожоюндарына кийим кайрылышуусун суранат. Бирок ага айлык акысы эки сомдон башка эч нерсе беришпейт. Атүгүл айры куйрук илип кеткен каздын баласын куткарып кала албаганы үчүн таяк жейт. Бул окуя анын бул жерден качып кетишине себеп болот. Бирок баланы ал жерден качып барганда эле жыргаган жашоо күткөн жок. Баягыдай эле ачарчылык. Чубураган жетимдерди эптеп багуунун амалын издеген гана жашоо эмеспи. Ал үйүнө качып барды, барган менен ал өзүн күнөөлү сезет. Анткени топ жетимди эптеп багып аткандардын тамагына орток болуп жатат. Ал бир үй бүлөнүн улуусу катары аларга жооптуу. үйүндө андан башка бөбөктөрү эмгекке жарамсыз кичинекейлер, алардын бар айласы курсак тойгузуу. «Бир кезде элдин катары менен мага да бир аяк жарма келди. Кайгылуу, жүдөө кабагым менен салбырап барып, аякты колума алдым». Сүрөткердин кара сөздөгү кайталагыс таланты бул романдагы каармандардын жашоосун, ички дүйнөсүн көрсөтүүдө жатат. Каарман бала болсо да, күнөөсүн сезип атат, анткени ал айдын аягына чейин чыдап айлык акысын алса болмок. Жогорудагы биз келтирген тексттик үзүндү психологиялуу. Деталдын мазмуну каармандын ички психологиялык абалын, сырткы көрүнүшүн таасирдүү кылып көрсөтүү. Дегеле Элебаевдин деталы бир багытты гана билдирбейт, тескерисинче, көптөгөн турмуштук жагдайларды, шарттарды учурду талдоого салат. Психологиялык анализдин каражаттары аркылуу адам мүнөзүнүн ар түрдүү шарттардагы кыял жоруктары чындыкка шайкеш экенинен кабар берет. Ал адамдардын мансапкорлугун, сараңдыгын, акылдуулугун, кең пейилдүүлүгүн ошол эле маалда бечаралыгын сүрөттөй алган.

Элебаевдин «Узак жол» романынын сюжети бардык майда барат жалпылыгы менен маанилүү. Бул талашсыз нерсе. Чыгармадагы социалдык-психологиялык мүнөздөмө, адамдардын ортосундагы өз ара мамиле, кыял-жорук рухий өнүгүү бардыгы жалпыланып сюжеттик өзөктө берилген да деталдын маңызы сюжетте чыккан. «Сюжет не простая последовательность столкновений, поступков, событий. В сюжете присутствует мысль, обобщения (даже в том случае, когда художнику эта мысль несовсем ясна) проводя своих героев и их судьбы по определенной расе, художник освещает жизнь, обьединяет какие то явления внечто целостное и связанное» дейт Добин [6.218]. Мындай теориядан алып караганда, Элебаевдин романынын сюжети лирикалык каармандын

жашоосундагы окуялардын сызыгы. Ал баланын эле тагдырын көрсөтпөстөн анын айланасында болгон окуялар менен ошол учурду сүрөттөгөн улуу чыгарма. Романдын «Узак жол» деген аталышы эле өзүнчө символикалуу. Он бир жашынан жетим калган баланын жашоо жолунда узак жол басышы, ушул узун турмуштук жолдогу каармандын тагдыры менен жалпы элдин тагдырын чагылдырган оор мезгилди шарттайт. Романдагы сюжеттин негизги идеясы Улуттук көтөрүлүшкө чейинки элдин жашоосу, көтөрүлүштүн өзү жана Кытайга качкан кыргыз элинин тагдыры жөнүндө эмеспи. Чыгармада, жогоруда белгилегенибиздей кирди чыкты каармандар өтө көп. Булардын бардыгы эпизоддук ролду аткаруу менен чыгарманын сюжетин түзөт.

Ошентип Мукайдын үй бүлөсү өңдөнгөндөрдүн турмушу күндөн күнгө жакырлай берди . Элди бир жагынан бай болуштар тоносо, экинчи жагынан, падыша өкмөтү: улуктар, стражник, пристав өңдөнгөндөр тонойт. Чыгармадагы стражник-«Чоңкол», Балкурман-Жинди курман сыяктуулар элдин үшүн алып аларды айоосуз кордоп келген. Аларда адам деген түшүнүк эч нерсеге татыгыс.өзгөчө бей-бечаралардын жалгыз атын да тартып алуудан баш тартпайт. Бекеринен, аларга эл башкача аттарды коюшкан эмес. Мына элдин үрөйүн учурган «Чоңколдун портрети; «эки колу токмоктой болуп, чүйлүсү казыдай буртуйган, муруту чычайып, көзү кыпкызыл болуп сүрдүү келген, очойгон чоң эме эле. Бирок, бул жеке колу чоңдугунан эмес, элди көп урганынан Чоңкол» аталган. Стражник-Чоңкол, эл болуштары карапайым калкты тоноп, аларды жакырлыкка алып барган. Туш тарабынан тыткынга калган калың журт аягында балдарын солдатка алат деген кабардан улам чочулоолору күчөп падыша саясатына каршы чыгып отурат. Анткени эл жакшылары өзүнүн балдарын солдатка бербестен карапайым элди кысымга алышат. Налогду бир тарабынан падыша өкмөтү салса, бир тарабынан эл жакшылары короодогу жалгыз уюн, үй ичиндеги үй буюмдарынан өйдµ чыгым салат. өздөрүнүн балдарын жашы жетелек деп же болбосо акчага сатып алышат. Падыша өкмөтү ар бир солдатка төрт жүз сом төлөнсүн десе да аны жакшылар олжолоп кетет. Мындай айта берсе, түгөнгүс окуялар жалпы кыргыз элинин көтөрүлүшкө чыгышына *түрткү* берген. Чыгармада бул көтөрүлүшкө байланыштуу окуя жалгыз бир кишинин кеби аркылуу берилет:

«Элебес карагайдын ачыгына чыгып аңды-дөңдү карабай чапкылап кетип бараткан элге карай;

-Ой, эмне?-деп дабышынын барынча унчукту. Ашыгып бараткан элдин эч кимиси жооп берген жок. Берегинде, алдындагы койго шашып баратып, артынан, кууп келе жаткан койчуга караган карышкырдай алактап, кетип бараткан бирµµнү кµрүп, Элебес дагы жаңкыдай кыйкырып иштин жөнүн сурады эле ал;

-Падыша менен кыргыз урушуп калды!-деди да, буйдалбай чаап кете берди. Бар укканыбыз ушул.

Ушинтип, мындан бир нече мүнөт мурун жайбаракат жаткан дүйнө заматта бүлүнүп, чакчалекей түштү да калды» [15.55]. Мына так ушул убакыттан баштап жалпы кыргыз элинин жашоосуна бүлүк түшөт. Эл падыша менен урушуп, бар мал-мүлктөрүн, оокаттарынын керектүүсүн алып Кытайды көздөй кача башташат.

«Мага көптөн бери сагынып келе жатып, Кызыл-кыяны көрбөй калганым арман болду. Бабайдын үйүнүн артындагы тектир эсиме түштү. Бул тектир мени далай жубаткан. Ушунун кылды чокусуна жалгыз чыгып алып эки жагыма карап, менден алда канча төмөн турган Башарындын үйүн көрүп, жер жүзүнөн тандап келип ушу жерге чыккандай көйкөлгөн сулуу чөптөрдү, теңселип жибектей жылып турган таза желге көкүрөгүмдү тосуп турганымда, бир көңүлүм сергип, өзүм сансыз жылдан берки туткундуктан азат боло түшкөндөй болчу элем. Чарчаган денеме жаңыдан бир кубат кире түшкөндөй сезер элем.

Тектирдин тескейинде, бир жыбытта жылып аккан булак бар. Ушул булактын түбүндө отуруп алып, далай ойлонгомун. Кээде үйдөгүлөр урушуп жаныма кайгы батканда өзүм атайы жалгыздап, ушу жакка кетип калар элем» [15.59]. Мына баланын ой толгоосу. Элебес Мукайды апийим тилип жүргөн жеринен алып кетип баратканда жогорудагыдай ойлонот. Бекеринен жазуучу психологиялык анализдин көркөм каражатынын бири пейзаж же болбосо жаратылыштык көрүнүштү алган жок. Анткени ал-бөтөнчөкаарман. Ал табиятынан өтө сезгич. Анын боорукердигинен башка дагы жаратылышты жакшы көргөн аны бөтөнчө аздектеп сүйгөн өнөрү менен да айырмаланат. Ал жашоодогу кубанычын, кайгысын жаратылыш менен ортоктошот. Муну менен ал ичиндеги уйгу-туйгу сезимдерин, капалыгын, кубанычын жаратылыш менен бөлүшүп жазуучу катары окурманга дүйнөнүн көркөмдүүлүгүн, сулуулугун жан дүйнөсү аркылуу ачып берип отурат. Мындай жаратылыштык чагылдыруулар менен ал жөн эле чыгарманын кооздугу үчүн эмес, а каармандардын жан дүйнөсүн, адамдык сапатын ачуу үчүн кылган аракети эмеспи. Элебаевдин чеберчилиги -анын каармандары жашоонун ар түрдүү турмуштук шарттарына калат жана ар кандай жагдайдагы кырдаалдарга туруштук бере алышат. «Искусство,-дейт Толстой сүрөтчү өзүнүн жан дүйнөсүндөгү жашыруун сырларга алпарып жана бул жалпы баардык сырларды элдерге көрсөтүүчү микроскоп» [12.94]. Ал эми Толстойдун психологиялык чеберчилигин изилдеген Храпченко; «Психологиялык микроскоп Толстой тарабынан жаратылган эмес, ага чейин эле көптөгөн сөздүн сүрөтчүлөрү адамдын жан дүйнөсү жөнүндө айтыш үчүн колдонушкан. Техникалык терминдерге таянуу менен Толстой бул инструментти маанилүү түрдө кеңейткен деп айтууга болот. Жана бул анын көптөгөн замандаштары жете албаган элдердин рухий жашоосунун көптөгөн кубулуштарын көрүп жана өзүнүн чыгармасында бере алды» [12.410] деп жазгандай эле Элебаев романында мейли сюжет-композиция куруудан, мейли каармандын ички сырткы натурасын ачып берүүдө жана ички дүйнөсүнүн рухий өнүгүүсүн

көрсөтүүдө куду сүрөтчүдөн бетер сонун тартып берген талантында жатат.

30-жылдардагы айрыкча анын экинчи жарымындагы кыргыз адабиятынын эпикалык түрүнүн өнүгүшүндөгү чың өзгөрүүлөр жана М.Элебаевдин «Узак жол», Т.Сыдыкбековдун «Кең-Суу», К.Жантөшевдин «Каныбеги», Ж.Турусбековдун «Ажал ордуна», А.Токомбаевдин «Кандуу жылдары» өзгөчө ыр түрүндөгү романдар жөнүндө сөз кылган М.Борбугулов; «Атайы белгилеп кете турган нерсе, бул чыгармаларда реалисттик адабияттын эң чоң жеңиштеринин бири болгон адамдын ички дүйнөсүн, психологиясын ачып берүүгө ийгиликтүү кадамдар жасалып, өнүкпөгөн түрдө болсо да, анын элементтери ачык көрүндү»(бул айрыкча «Узак жолго» тийиштүү) дейт. Чынында, биз жогортодон сөз кылып келе жаткандай «Узак жолдун» адабий эстетикалык байлыгы азыркы адабиятыбыздын жөрөлгөлөрүнө теңдеш, каармандын жан дүйнөсү, психологиялык абалы жаратылыштык көрүнүштөрдү сүрөттөөдөгү психологиялык-социалдык мүнөздөмөлөрдүн чагылдырылышы жазуучунун мактоого алаарлык сүрөткерлик мыкты сапаты экени анык.

өз учурунда жазуучунун чыгармачылыгына көптөгөн окумуштуулар кайрылып өтүшкөн . Академик А.Эркебаев «Узак жолду» изилдөөгө алган эмгегинде; «Узак жол» өзүнүн маңызы жана структурасы боюнча монологдук романдын тибине кирет»- дейт [16.140]. Психологиялык анализдин негизги каражаттарынын бири - монолог. Башкача айтканда, жеке адамдын жан дүйнөсүндөгү кыймылды, өнүгүүнү жеке жашоосундагы кыйын абалды (кризистик) жана ошону менен эле кубануу, сүйүнүүсүн ички кеби же монолог аркылуу чагылдырат. Кайсы гана жазуучунун чыгармачылыгын изилдөөгө албайлы, сөзсүз түрдө монологдордун мазмунуна көңүл бурабыз.

Автор ички монолог менен каармандын образын ачып, анын мүнөзүн көрсөтөт. Монологдун мазмуну аркылуу каармандын психологиялык мүнөзүнүн индивидуалдуулугу түзүлөт да, мындан чыккан жыйынтыктан ар түрдүү багыттагы монологдорду бөлүүгө болот. Кээ бир монологдор кандайдыр бир белгилүү маанини-коомдук ишмердүүлүк, адамдык милдет, эмгек жөнүндө, келечекке койгон ишинин максаты, курулушка кандай иш аракеттерди кылуу керек деген ойлорду камтыйт. Мындай монологдор ишмердүүлүктүн интелектуалдуулугун, каармандын келечегинин тек жайын көрсөтөт. Монологдун мазмуну ички дүйнөнү ар кайсы тарабынан көрсөтүү жолу менен ишке ашат. Мисалы каармандын сезими, өзүн курчаган адамдарга кылган мамилеси кубануу, кайгыруусу, толкундоо жаңылыктар жөнүндө айтуу, башынан өткөн окуя жөнүндө эстөө, келечекке багытталган кыял жана башкалар.

«Ушинтип эл ары-бери толкуп туруп, күндөрдүн биринде четинен бузулуп жарылып көчүп да калды. Көчкөндө бүтүн эл түбүнөн көтөрүлө катуу толкугандай жер бети шыкай толуп, камалышып, айдаган малдай каптап, эгин-мегинин дебей тепсеп, Кытайды карай бет алып, агып бир жөнөп берди дейсиң, кудай тирүү мендесине бербесин!.. Кээ бирөө жолду

катар кетип баратып, ар кай жердеги бирин-серин байлардын зайымкелерине, балчелектерине, үйлөрүнө, эгин, чөптөрүнө чаап барып, от коюп, жалын асманга зуулап, чатырап күйүп жердин бетин жоо тийгендей кылып сыйпады да кетти. Эл кумурскадай аралашып, чуркурап, ата баладан адашып, ар бир уруу журт өзүнчө белги кылып, желегин асманга көтөрүп алды. Орулбаган эгиндер, чөптөр, ак сарай-үйлөр күйүп, артта кала берди». Мына бул баяндоочу баланын ички дүйнөсү аркылуу ошол учурдагы жалпы кыргыз элинин башына түшкөн чоң тарых Улуу үркүн жөнүндөгү чындыктын өзү көрүнүп жатат. Кытайга качып бараткан жалпы элдин психологиясын чагылдырылууда. Бар оокат жайларын мал-жандарын айдап бешикте баласы болсо, аны кошо артынып кайдадыр алдыга качкан элдин абалы мындан башка кандай болот эле. Жазуучу каармандын ички дүйнөсү, сезими аркылуу элдин ошол учурдагы оор тагдырын чагылдырып берген. Бул баяндоо менен элдин оор психологиялык , эмоционалдык коркунучтуу абалын көрсөткөн. Кытайды көздөй качкан кыргыз элинин артынан замбиректен аткылап падышанын солдаттары кубаласа, астынан кытай-калмактар ок менен тосуп алган. Бул чындык. Мындай тарыхый татаал күндөрдө канчалаган кыргыз курман болду. Сөз менен айтып бүткүс ошол оор үркүн окуясын жазуучу баланын ички ой толгоосу аркылуу чебер бере алган.

«Ошол кезде, баятан бирөөнүн чегине батпай толкуп, тирешип турган калың журт «эми өлсөк да сенден өлөлү, сен өлтүр»! деп башын өлүмгө байлап, бардык күчүн жыйып бир таштагандай, черүүлөрдүн тарсылдатып, ок жаадырганына карабай калын көч дүркүрөп, каптап алып жүрүп берди. Ошол замат ээн жерде койго тийген ач бөрүдөй, эми калмактар да чын оюнду баштады. Туш-туштан тарсылдатып аткылап, элдин үрөйүн алып, үйүрлүү малды үйүрү менен, жүктүү малды жүк-мүгү менен четинен тизип алып жөнөдү. Бара-бара тандап малга, дүнүйөгө тойгондон кийин, көчтү аралап сулуу кыздарды келиндерди коштой качып кетип жатты. Муну көргөндөн кийин кыздарын жаман кийинтип, түрүн бузуп алгандар да болду.

Эл кара талашып, алактап кетип баратып, бир кезде Музарттын күркүрөгөн, тайгак суусуна көч-мөчү менен, бешиктүү катын бешиги менен камалыша чуркурап барып, чогуу бойдон бир күрүлдөп кирди дейсиң-эми мындагы кыргынды сураба! Чуркураган сансыз үндөр адамдыкы экенин, айбандыкы экенин айрып болбойт. Бир жерде жүктүү мал агып бараткан, бир жерде элечеги чубалып, бешиктүү аял агып келе жаткан, бир жерде өлүп, суунун четине тырайып чыгып калган, бир жерде көбүккө бөлүнүп сууга кетип бараткан баласына чыркырап, түшө калып жаткан, бир жерде селейген өлүгүнүн жанында боздоп турган…Эми кайсы бирин айталы. Кимди ким билген заман.өмүрдө түгөткүс бир жомок болуп жатты»… Кайран кыргыз эли Кытайга качып барып жыргайм деп кыргынга учурады. Падышанын солдаттары замбирек менен аткылаганы жетпей калгансып, кытай-калмактар үрккөн элдин малын

талоонго түшүрүп талап көч аралап сулуу кыздарды тартып кетишти. Жалпы журттун үрөйү учуп заманасы куурулуп, жүрөктөн кеткис окуя болду. Бул кыргындан аман калган эл тынчып калганда «Бакка жаңыдан учуп келип, жайланып жаткан таранчыдай, жандын баары кожурап, жүгүн түшүрүп, уук-керегелерин бузуп жатып, дароо казан асып жиберишти. Эл эки-үч күндөн бери казан асканы ушулдур» Мына эл башына түшкөн оор тагдыр, турмушта болгон чындык Элебаевдин «Узак жол» романында сүрөттөлүп, биздин алдыбызга картина катары тартылды. Оор трагедиялык чындык социалдык-психологиялык процесстер аркылуу элдин тарткан азап тозокторуна, адамдардын ит өлүмүнө алардын ошол учурдагы психологиялык абалына күбө болобуз. Бирок асылган казандар ошол бойдон калды. Тарсылдаган мылтыктын үнү чыкты эле баарысы кайра үркүп качып, жүктөрүн жүктөп, бири бирине карашкан жок. Акыры Кытай жерине качып келген сансыз көч чилдей тарайт. Алар үрүмчү, Күчөргө Чолок-Терек, Көк-Терек, Кулжа, Текестерде баш калкалап чачырашты. Мукай үй бүлөсү менен башка кыргыздардай эле Көк-Терекке жетишип орунтук алышат. Ызгаардуу кыштын күнүндө качкын кыргыздарга «кызай »эли таныркап калышты. «Дөөлөтбак деген кызайдын жанына түшүп, көлдөн ала чыккан бир азууктарды жерге сайып жиберип алачык жасап алдык. «Кудай кылса кубарыңдын акысы барбы» дегендей, каптаган он үч бүлөнүн токумдай алачыкка сыйбасына ылаажы барбы! Башка түшсөким көтөрбөйт? Ушул алачыктын ирегесине чейин шыкай камалып, айбандан айырмасы жок болумсуз өмүр өткөрүп, биз да кыштап чыктыкко!» дейт [15.87].

Элебаевдин романы башка жазуучулардан мазмун жагынан эмес, а сүрөткерлик чеберчилигинен, образдардын ички дүйнөсүн ачып берүү жагы менен айырмаланат. Элебаевдин чеберчилиги драматизм жана психологизм менен эриш-аркак чагылдырылган окуялардын жүрүшү адабий агымдын психологиялык аспектисинде изилдөөгө алып келип такайт. Романда сүрөткер турмушту майда чүйдөсүнө чейин чебер чагылдыруу менен ошол учурду коомдун тарыхый жагдайларын көрсөтө алган. Мунун өзү искусство. Дегеле 1930-40-жылдагы адабият жана азыркы мезгилдин адабиятында Элебаевдин чыгармачылыгы чынында эле каармандардын ички дүйнөсүнүн терең анализи менен айырмаланат. Кытай жеринен жыргап кетишкен жок. Ар кимдин жумушун кылып, болбосо кайырчылык-тилемчилик менен оокат жүргүзүшөт. Мындай тилемчилик күндөрдө да каарман кызай элинин кулк-мүнөзүн, элдердин жашоо- турмушун иликтөөгө алат. Ал кимдин үйүнө барып эмне сурашты, кимдин тамагы бышып жатканын билет. Бөтөн эл, бөтөн жердеги жокчулук жашоо аны ого бетер турмушка тарбиялап бышырат. Бул Мукайдынүй бүлөсү ошентип бир эле жерде турбастан кайра өз эл жерине кайтуу максатын көздөшөт. Бирок тынымсыз дайыма жол жүрүп чарчаган немелер ачыгып, бир аз жумуш табылса иштеп тыңып алууну ойлошот. Чубураган топ жетимди ээрчитип Ак-Суу чон шаарына орунтук алышат.

Мукай менен Беккул кайырчылык кылып нан табуу аракетин кылышат. Бардык эле эл кайрымдуу боло бербейт, кээ бири уурусуң деп уруп сокконго чейин барат. Эми мындай көрүнүштү да түшүндүрүүгө болот, анткени булар сыяктуу кайырчылар элдин пейлин бузуп койгон. Мына ушундай кыйын күндөрдү дал өзүндөй чебер сүрөттөп жатып эле жазуучу каармандардын жеке мүнөзүн түзүп, образын ачып берген. Ушундай кыйчалыш күндөрдө Бейшембинин аялы Жанымжанды алалы. Жазуучу анын портретин ошол эле Мукайдын инилерине кылган мамилесинен толук көрсөткөн. «Балдарда күн жок. Бирин бири көпсүнтүп тырмактай немени кыртышы сүйбөй, териси тарып кеткен сыяктуу. Эч кимдин кылдай нерсеге көтөрүмү жок. Мындай кездерде «ары турчу, бутуңду тартчы» деген сыяктуу сөздөр кычып кетет. Баарыдан да Бекдайырды кара, өмүрүндө бир жымыйып күлбөгөндөй үңүрөйгөн, терең көзү жашылданып, алдына бирөө бирдеме таштай салса бакырып барып, баса калчудай болуп отурат. Чөйчөктү бөксө куйдун деп, баятан бери таарынып ашын албай отурганын көрүп, Бурмаке;

-Тиги капырга кичине тамызып койчу,-деди эле Канымжан булкунуп барып, тунуп көшөрүп турган жарманын үстүнөн сузумуш болуп:

-Ок, көзүң челейгир, ме!-деп кекетип, Бекдайырдын чөйчөгүнө куйган болду. Анын артынан

-өлүгүңдү көрөйүн, ушулардын жаны деле иттен бек! Кашайган кудай буларды кандай көрбөйт!- деп каргап-шилеп жиберди. Бекдайырдын капшабы менен бул каргыш баарыбызга тең тийип кеткендей болду».

Сүрөткер Жанымжандын албууттугун, тили заар уулу менен анын мүнөзүн эле чагылдырып тим болбостон, ошондой катаал ачкачылык күндөрдөгү ошончо бүлөнү багуу оңойго турбагаандыгын көрсөткөн. Ошондой эле бул каарман аркылуу адамдын баары эле ак пейил, боорукер эместигин, ар түрдүү кыял-жоруктар да бар экенин билдирет. Ошентип дайыма курсагы кенен тамакка тойбогон кичинекей Бекдайырдын тагдыры кандай күнгө туш болду? Чоң үй бүлөнүн барысы чогулуп отурган бир күндөрдүн биринде Бекдайыр оорубай сопсоо туруп эле «колунда кармап турган аягын кармаган бойдон шылк этип, отурган жеринде кулап кетти.

-Ой, карма тигини!-деди Бейшемби чочуп кетип. Бурмаке «ай ушуну сен эле кылдың го» дегендей, шектүү көзү менен Жанымжанга карады. Мен да ошондон шек урдум. Көп бүлөдөн кутула жадап жүргөн Жанымжан, муну кылбайт деп да болбойт.

Бекдайыр мүрт кетти. Аны барып кыштактын баш жагында бир жерге төмпөйтө салдык. Жедеп түгөнүп, соолуп калганбы, эч кимдин көзүнөн кылайып жаш да чыкпайт». Ушу жерден сүрөткердин кара сөздөгү чеберчилиги кайталангыс орунду ээлеген. Бул наристедей бей ажал өлүмдөн канчалаган наристелер, кыргыздар ачкачылыктан кырылды. Бу Бекдайырдын сөөгүндөй Кытайдын бир топ жерлеринде төмпөйүп канчалаган адамдардын сөөгү калды. Ошол учурда бир курсактын айынан тирүүлөй эле уул-кыздарын малайлыкка бир уйга, унга сатышты. Албетте

мындай көрүнүштөрдү Мукай да өз башынан кечирет. Ал бул жерден кенедей да ойунан чыгарган жок. Анын үй бүлөсү деле бир тууган Чүкөй эжесин бир кызайга уйга сатып жиберишет. Антпешке аргалары да, дармандары да жок. Анткени калган жетимдерди аман алып калуу аракети экенин баары билет. Ал эми ошол эле каарман эл менен кошо Кытай жергесине качып барып 14-бүлµлүү чөң үй бүлөдөн, адегенде иниси Бекдайырдан, энеси ордуна жүргөн Бурмаке кемпирден, Элебестен, Бейшембиден ачкачылык, жокчулук турмуштун айынан биротоло ажыраса, өз бир туугандары Эшпай, карындашы Ашымкандан тирүүлµй эле ажырайт. Ушундай чон трагедияларды бала болуп башынан өткөрүп, ошондо да муюбай турмуш менен өлбөстүк үчүн күрөшүп жүрүп отурат. Ал аз келгенсип, кээде бир сындырым нанга жетпейт. Укканы жаман сөз, кылганы малайлык. Мукайдын жан дүйнөсү дайыма толгонууда, сары санаа убайым чегүүдө. Бирок дайыма бир жакшылыктын жышаанынан үмүт үзбөйт. Аны турмуш дайыма тепкиге алып, не деген кыйын күнгө салса да ал акыры жашоону жеңип жүрүп барат.

Автор коомдо болуп жаткан окуяларды каармандын жан дүйнөсү аркылуу берүү менен чон ийгиликтерге жетише алган. Анткени ал чебер сүрөткер. Майда окуяларды тизмектештирип, көкүрөгүндө, аң сезиминде өзү көргөн нерселерди баяндоо менен баланын жан дүйнөсүн, терең сезимин көрсөтүү менен кыргыз адабиятында биринчилерден болуп психологиялык анализдин каражаттары аркылуу каармандын ички дүйнөсүн ачып бере алганга жетишкен. Ал мыкты портретчи жана окуяны сүрөттөдө майда-чүйдө деталдар менен эле чоң турмуштук көрүнүштөрдү козгой алган. Мисалы Бурмакенин өлүмүн алалы. «үй баягы корукта. Барып ойдо жок жерден Бурмакенин өлүгүнүн үстүнөн чыктым. Мен кирип барсам Бейшемби ; «Мына көрдүңбү? Сени биз ушуга чакырганбыз» деген кишидей мага бир карап алды да, кайтып Бурмакенин өлүгүнө карады. Жыгылганына бир жумача болуптур. Муну мен азыр билип отурам. Бетине бир ак немени жаап, сундуйтуп мындай алып коюптур. Ашуудан жүк көтөрүп келе жатып, тыныккан немедей Бейшемби менен Элебес эки жерде сумсайып, жымжырт тартып отурат. Анын бери жагында бурүшүп Ашымкан , Жумабек отурат».

М.Элебаевдин «Узак жол» романында психологиялык анализдин каармандык кеп, диалог-монолог, пейзаж өңдүү башка формалары да кездешет. Монолог же болбосо каармандын кеби романда өнүккөн түрдө берилген. Каармандын татаал турмуштук жолундагы ар кандай кырдаалдардан келип чыккан ички санааркоосу, ой-кыялы, рухий дүйнөсү дегеле татаал психологиялык процесси жан дүйнөнүн диалектикалык кыймылы менен өнүгөт.

«Күзгү күн жаап турган. Мен бир тыпын үйгөн, эшиги жок жайдак тамда жаткамын. Таңга жуук, бир кезде кечеги кайгылуу кара тамда, жалгыз жеңемдин жалгыз муңканып, ыйлап атканын уктум. Аларды мен экинчи дүйнөдө кездештирбеймин да. Бирок ошондогу чындыкты

жеткирип, айталбасам өзүмдү өмүрдө күнөөлүмүн деп санаймын.

Нечен кайгылуу, кара күндөрдө жокчулукка чыдап, ушул жерге бизди сүйрөп жеткирген Бейшемби эле. «Мынча жетимди чуурутуп бөөдө кырылганча четинен таштап, сатып кетели» деп, Элебес нечен айныганда да Бейшемби болбой көшөрүп жүрүп отурган»[15.96]. Мына баланын ички дүйнөсү. Турмуштук ой-чабыттоосу. Бейшембинин өлүмүн жоктогон монологдон улам каармандын бала болсо да турмуштун көп нерсесине түшүнгөн адилеттүүлүгү, боорукердиги, адамдын мүнөзүнүн ар кыл сапаттары ачылып отурат. Жогоруда чыгарманы монологдук роман деп белгилегенибиздей эле, чынында диалогко караганда баяндоо басымдуулук кылат. Каармандын жашоосунда кездешкен бир канча адамдардын образы менен эле окуя монотондуу өнүгөт. Мукай бирде турмуштан сокку жеп андан көңүлү калса, бирде кайраттанып алдыны көздөй ашыгат. Анын иниси Беккул, Эшпай, карындашы Ашымкан Кытай жергесинде Мамирамизин деген уйгурдун колунда калат. өзү Мамирамизинден Ыйманкул аттуу дагы бир малайлыкта жүргөн бала экөө качып кетет. Анткени ал мындай тажатма жашоодон чарчайт. Аны бул уйгурдун үй бүлөсү жанын тынч алдырбайт. Кышты-бороондо кой кайтартат. Жазы менен соко айдап жер айдоого, жайында чөп жыйнап, апийим тилгенге чыгат. Кеч курун чарчап келсе бир туугандарынын ыйлап турганын көрүп ички дүйнөсү ого бетер бушаймангa түшөт. «Качан мен талаадан келген сайын Ашымкан карындашым эшикте жалгыз томсоруп, карагаттай мөлтүрөгөн, акылдуу көзүнөн акырын гана мөлтүлдөтүп жашын төгүп отурганын көрөр элем. Ал башкадан айла болбой, бир мени күтүп отургандай, качан мен келген сайын жетим козудай жүдөгөн жүзү менен алдымдан чыгып, арыз-арманын мага даттар эле. Ушу байкуш армандуу жашын алдыма тартып, менден эмне жардам болот деп ойлойт экен!» Баланын колунан эмне келет. Аларга жооп берип таламын талашчу туугандары Кытай жеринде бир курсак тойгузуунун амалынан каза табышты. Эми шордуу каармандын бир тууган инилери бир уйгурдун үй бүлөсүнүн оокатын жасап кенен отуруп эс алууга мүмкүнчүлүктөрү жок жүрүшөт. Карындашынын, инилеринин абалын көрүп ал далай кайгыга батат. Акыры ал качып кетип кутулат. Бирок анын жашоосу жыргап кеткен жок. Качып боштондукка чыккан менен андан да жаман кайырчылык күндөргө туш болот. Бөтөн эл бөтөн жерде кайыр сурап, тоого барып ышкын терип эптеп өлбөстүктүн күнүн өткөрөт. Акыры кайырчылык күндөрүнүн биринде Кыргызсай деген жердеги Ак-Суу чоң шаарында өзү өңдүү кыргыз үй бүлөөсүнө жолугуп, алар менен чогуу шаардын тургундарынын уйларын, музоолорун кайтарып күн өткөрөт. Мукай байкагыч, табышкер. Ал музоолордун артынан ээрчип кайсы үйгө бараарын билип алып, аларды айдап барып берип акысына нан алып олжолуу кайтат. Бирок баары эле берешен эмес. Анткени кыргыз элине тийген ачарчылык бул элдин пейлин бузган. Мукай өңдүүлөр күнүгө кайыр сурап элди тажаткан. Мына ушул жерде уй кайтарып жургөндө

«большевик» жөнүндө кабар тарайт.

Элебаевдин кара сөздөгү чеберчилиги совет өкмөтү тууралуу маалыматтарды жыйылтуу учурун айкын көрсөтүлгөн. Роман 1934-жылы жазылган, советтик идеология тамырын жайып гүлдөй баштаган учур эле. Бирок ошентсе да чыгармада совет өкмөтү бир-эки гана жерде «большевик» деп тараган кабар менен берилет. «Ушундай он чакты күн өтпөй, кыргыз сайга бир чоң өзгөрүш кирди. Анын себеби, баягы мен Ак-сууда уккан «большевик» деген сөз. Бул сөз Кыргызсайды да көптөн бери жайлап алган. Ошондо Ак-Суунун эшендери, байлары большевикти көпкө кандай түрдө кылып түшүндүрсө, бул жер да ошол. Бирок, ушул кеп кандай укмуштуу болуп айтылып жатса да Кыргызсайдагы малайларды көп коркунуч даарыган жок. Мунун себебин өзүм да билбеймин. Талаганда менин эмнемди алат, өлтүргөндө менин кайсы жазыгым үчүн өлтүрөт дегениби, айтор, көп сезген жок. Кайта мен да ичимден ошолордун келишин тилеген кишидей, алар келсе: ушул көңүлсүз суз өмүрдүн жымжырттыгы чакчелекей бузулуп, өзүм эки таалай жолдун бирине түшчүдөй болуп, алда кандай бир белгисиздикке көңүлүм толкунданат» [15.122]. Ошентип, каарманда эми туулуп өскөн жерине, элине кайтуу максаты артып ушул Алымжан аттуу бир түтүн татардын үйүнө катышып, анда-санда кол кабыш кылып, Ак-Суудагы инилерин алууга жардам болоор бекен деген үмүттө татардын аялын эже тутат, себеби ал кыргыздын кызы эле. Ал эми аял болсо тили уу, эже деп айткан балага боор тартып, жардам бериштин ордуна көр-жерге жумшай берет. Дагы бир күнү кечки тамакты ичип жатышып Мукайды тамакка салчу мурчка жумшайт. Көрдөй караңгы жерден таппай кайра барат. Анда эле Бурмакан жемелей түшөт: «Ошол кенедей немени таппай эмне болдуң? өзүң тоголок жетимсиң. Сен минтип жүрүп, кантип адам болосуң? деп келип жемелебеспи. Ушундан улам мен өзүмдү бир өмүргө ылайыксыз жаралган адамдай көрдүм. Жөнөкөйдө деле менин элден бир жерим кемип тургандай көрөнчө». Автордун таланты каармандын ички дүйнөсүн, психологиясын дал психологторчо ачып бере алышында. Ал карапайым, нукура турмуштун өзүн анын майда-барат адамдык кагылышуулар, толгонуулар менен чындыктын өзүн ачып берет. Мындай адабияттык жетишкендиктер чыгармадагы каармандардын башынан аягына чейинки ички рухий өнүгүүсүн, ой толгоосун жан дүйнөсүнүн изилденишине алып барат. Адабий чыгарманын чеберчилигине тиешелүү бул ойго Толстойдун «эмнеси болсо да ойдон чыгарууга болот, бирок психологияны ойдон чыгарууга болбойт» деп айткан кеби жөндү [12.137]. Ушул сыяктуу Элебаев чебер сүрөткер эле эмес, ал психолог болгон. Мындай пикирибизге романдагы идеялык-көркөм функцияны алып жүрүүчү көп түрлүү каармандардын образын жаратуусу негиз берет. Мукай менен Беккулдун көлдү көздөй кайтып кетип бара жатып, жолдо түнкүсүн бир казактын үйүнө токтоп, даам сызып отуруп сөз арасында каарман бул үйгө казакмын деп коет. үй ээси деп отурган аял алардын кайсы уурудан экенин

сурайт. Анда каарман Бейшембинин аялы Жанымжандын төркүндөрүн «коңыр берик» деп айта салат. Ал тапкыч, сөзмөр. Минтип айтаарын айта салып ичинен сызат. «Бирок менин багым жеңди сураган жок. Эс ала түштүм, муну коюп экинчи сµзгµ кµчтүм. Бир кезде биздин качан жетим калганыбыз, кимдердин колуна түшкµнүбүз, кайда тентип барганыбыз акыр аягында кай жерден чыгып келе жатканыбыз жөнүндө сурап калышты. Бул менин жаныма жага түштү. Бирөөнүн алдында отуруп, өзүмдүн баштан өткөргөн тарыхымды сайрап берүүгµ келгенде бир өнөрүм бар эле. Буйдалганым жок, даяр өнөрдү тартынбай салдым. Бирок, мен бу жолу башымдан кечирген өмүрүмдөн башка, жанымдан жалгыз ооз сөз кошконум жок. Анткени башымдан өткөн күндөрдүн өзүн дурус айтып жеткиргенде да бирөөнүн жанына тиер таасири бар эле. Байкап отурам өзүм эс тарткандан берки өмүрүмдө көргөн кайырчылык күндөрүмдү төгүлтүп, сайрап жатканымда, угуучуларым менин артыман ээрчип, окуяларыма аралашып, көп жерлерде жан тартып мени аяп отургандай көрүнүп турду. Не бир кыйын жерлерге келгенде «эми кантер экен» деп, кыйкылдап отургандай болду. Алардын түсүнө карап мен көздөгөн оюмду жеткирип айтып жатканымды байкадым [(15.153]. Жазуучунун каармандардын психологиясын ушунчалык таасын бере алышынын себеби ал кичине кезинен эле байкагыч, психолог болгон тура. Сөзмөр аңгемечи экен. өз өмүрү тууралуу саймедиреп айтып бергендигинде жаткан экен. Айтканда да угуучулардын сезимин козгоп, ойго салып, драмалуу, психологиялуу кылып айтып бере алганын, биринчиден, өзү сезип, туюп, өз оюна жеткенин психологдордон бешбетер байкап отурат. Каармандагы мындай өзгөчө сапаттары анын бөтөнчө жаралган жан экенин ырастайт. Ал кайраттуу, боорукер башка бир адам туюп, сезе билбеген нерселердин баарын сезет. Көкүрөк, жүрөгү менен кеңешет, толгонот. өжөрлүгүнөн, турмушка мойун сунуп бербеген чыдамкайлыгынан иниси Беккулду ээрчитип бейтааныш адамга кошулуп өз эли-жерине кайтып отурат.

А.Эркебаев: «Узак жолдун» каарманынын рухий дүйнөсүн иликтөөнү аяктап жатып, сөзсүз мындай бир суроону коюга аргасыз болобуз: каармандын ушунчалык күч-кубатынын негизги булагы кай жерде? Жогорудагы айтылгандарды эске алуу менен буга бир жактуу жооп бериш кыйын. Себеби каармандын өзүнө тартып куштар кылган көптөгөн асыл сапаттарынын арасынан эң маанилүсү бар экен, көрсө, каармандын жан дүйнөсү баарыдан мурда сүрөткердин, акындын жан дүйнөсү экен» деп айткан толук ынанымдуу [16.135]. Жазуучу он бир жаш курагынан ата энесинен жетим калып, жокчулуктун айынан кайырчылык күндөрдү кечирип ошол күндөрү жөнүндө окурманга таасир калтырчудай кылып чагылдырып берет. Жазуучунун мындай окуяларды кудум көрүп жаткандай элестүү кылып сүрөттөшү анын чынында эле бөтөнчө сүрөткерлиги экен.

Мукай Мамирамизиндин коюн кайтарып талаага чыкканда өзү өңдүү

башка да байлардын койчулары менен жакшы мамиледе. Ошолордун бири -Жоломан. Ал Мукайдан бир топ улуу да, чон да. Бирок экөөнүн мамилеси жакшы. Экөө кой кайтарып жүрүп убакыт кечирмекке бирине бири жомок айтат. Жоломандын жомогу такыр түгөнбөйт. «Анан чиркиндин обону! Чынымды айтайын: мен андай обонду экинчи бирөөдөн укканым жок. Мунуку өзгөлөрдөй жалгыз гана адамды жашытып, ичке муң түшүргөн кайгылуу, карандай арман эмес. Кайта көңүлдү көтөрүп, кайгыдан алып, кайра бергендей эркин эле. үнү алда кайдан таанымал. Бадалдуу бетке миң койду жайып таштап, өзү тоонун кылды башына таягын таянып, эңиштеп алып, теңи жок бийик уккулуктуу, коңур үнү менен сайды жаныртып, бирде көтөрүп, бирде калтыратып барып, салып кеткенде дүйнөдөгүнүн баары мырс этпей, жалгыз ошону тыңшап тургандай көрүнөөр эле. Ушунун обонунда бир терең сыр бардай. Кечке жакын сайды жаныртып салган эркин обону менин жүрөгүмдү козгоп, касырет-кайгыдан бошотуп, алда-кайда көтөрүп сергитип таштачу. Атам замандан берки армандын күнү бүтүп, эми алдын бир белгисиз эркиндик элестеп тургандай болчу. Ошо мүнөт талааны безеп турган таасирдүү, бийик үнүндө бир түрдүү сыр бардай мени сагыныч жайлап, көңүлүм толкуп, алда кандай бир белгисиз тарапка талпынгандай боломун. Экинчи чыкпачудай мунарып батып бараткан күн ого бетер таасирлентип алда кайдагы өткөн күндөр эске түшүп, дүйнө бир бүлдүр көрүнүп, өмүрүм түштөй элестеп, алдымда бирдемелер каршы туруп алгандай болоор элем» [15.107-108]. Каармандын жан дүйнөсүн көрсөтүүдөгү ички кеп Элебаевдин романында психологиялык анаализдин каражаты катары кеңири колдонулат. Жогоруда айткандай каармандын жан дүйнөсү-сүрөткердин акындын жүрөгү экенин Жоломандын обонун сезген ички жан дүйнөсү аркылуу дагы бир жолу ырасталып отурат. Бул обонду сезүү, эргүү каармандын кубанычын, кайгысын, алдыга умтулуусун, аң сезиминдеги ой жүгүртүүлөрдү көрсөтөт.

Романдын көркөм дүйнөсү 11 жаштагы баланын башынан өткөргөн кайгылуу-кубанычтуу күндөрүн, анын жан дүйнөсүндөгү толгонуулар, сырткы чөйрөдөн жапа чегиши аркылуу, ошондой болсо да жакшылыктан үмүт үзбөй келечекке умтулуусун, бала болсо да алдыга койгон максатына жетүүгө аракеттенүүсүн алат.

«Узак жол» - узун өмүр жолундагы Мукайдын жана жалпы кыргыз элинин турмушун Улуу үркүн убагына чейинки жана андан кийинки убактагы кыйын тагдырды жана жашоону көрсөткөн чындыктын накта өзү.

**«Кыйын кезең», «Зарлык» жана «Байсал» чыгармалары**

М.Элебаев «Узак жол» романын эки китеп кылып жазууну пландаштырган. Мындай пикирибизге «Узак жолдун экинчи китебин жазганда» аттуу күндөлүгүндөгү: «Биринчи китептин артынан салпактап жүрүп, 1-ноябрда колго ала турган киши, 18-декабрда колго алдым. Биринчи китепти Киргдавлиттен кайра албай, көп күн иштебей калдым.

1937-жылдын 17-февралында жазуу токтоду. Башыма көп түшпөй, эргүү болбой койду»[63-бетте] деп жазганы негиз болду. Анын үстүнө «Узак жол» романынын экинчи китеби деп уландысын атабаса да, романдын үзүндүүкатары бардык жагынан төп келген чыгармалары-«Кыйын кезең»жана «Зарлыкты» ошондой эле «Байсал»аттуу ангемесин (бул кийин О.Сооронавдун демилгеси менен жарык көргөн) жана «Узак жолдун» экинчи китебинен жазуучунун эч кимге белгисиз күндөлүгүнүн ичиндеги №7 блокнотто ак барактардан ортосу тигилип жасалган 24-беттен турат) араб тамгасы менен жазылган дагы бир эки үзүндүнү кошсок туура болот. Бул үзүндүлөр дагы О.Сооронавдун аракети астында жарык көрдү. Буга чейин эле бир катар сынчыларыбыз бул маселе боюнча пикирлерин белгилеп келишкен. Мисалы, жазуучунун чыгармачылыгы боюнча кандидаттык диссертация жазган Б.Маленов: «Узак жол»романын экинчи китебин жазууну көп ойлой турган, бирок автордун ал оюу, чыгармачылык планы аткарылган жок» деп белгилөө менен эле «бирок «Узак жолдун» окуяларын уланткан бир катар чыгармаларды жарата алды. «Кыйың кезең»-1938, «Бороондуу күнү»-1939, «Зарлык»-1941 сыяктуу көркөм повесть аңгемелери буга мисал боло алат» деп жазат [10.120-121]. Ал эми ф.и.д.проф.К.Артыкбаев «Бул чыгармаларды («Кыйың кезең», «Зарлыкты») кунт коюп окуган адам сүрөттөлүп жаткан окуялардын «Узак жолдогу» окуяларга бардык жагынан үндөшүп жана анын түздөн түз уландысы катары өнүгүп отургандыгын баамдабай койбойт» деп белгилейт [2.119]. Ушундай эле пикирди ф.и.д.проф.К.Асаналиев жана ф.и.д. проф.С.Жигитовдор да ырасташат. Жогорудагы изилдөөчүлөр «Кыйың кезең», «Зарлык» чыгармалары «Узак жолго» үндөш экенин жана уланды катары эсептешкен пикирлерин айтышса, жазуучунун чыгармачылык ишин изилдөөгө чон салым кошкон сынчыбыз О.Сооронов далилдүү архивдик фактылар менен аты аталган чыгармалар чыны менен «Узак жолдун» уландысы экенин далилдеген.

Биздин изилдөөбүздө ошол -«Кыйын кезең», «Зарлык», «Байсал» жана «Узак жолдун» экинчи китебинин эки үзүндүсүн психологиялык аспектиде талдоого аракет болду.

Элебаев «Кыйың кезең» повестин Кытайдан кайтып келип өз тууган эли жериндеги укмуштуудай өзгөрүүлөр киргенин баяндаган жашоосунан баштайт. «Узак жол» романында «Мен» деген лирикалык каармандын баяндоосу болсо, «Кыйың кезеңде» автордук баяндоо менен Кабыл аттуу башкы каармандын образы аркылуу өзүнүн «жаны тартип» окуусуна

кирген мезгили сүрөттөлөт. «Узак жол» романынын биринчи китебиндеги каармандын бир тууган жерине келгенде кандай тагдыр кандай күн күтүп турганы атайы өзүнчө көркөм изилдөөнү талап этээрин жазуучу эң сергек сезген. Ушундан улам жазуучунун «Кыйың кезең» (1938-ж) аттуу көлөмдүү аңгемесин «Узак жол» романынын идеялык-көркөмдүк мазмунун уланткан чыгарма катарында кароого болот. А балким бул аңгеме «Узак жолду» түздөн түз уланта турган чоң чыгарманын алгачкы эскизидир»-дейт адабиятчы К.Асаналиев [1.55]. Чынында бул чыгармада Элебаев Октябрь революциясынын жеңишинен кийин кыргыз элинде турмуш шарттык өзгөрүүлөрдү орус эли менен кыргыз элинин ортосундагы мамилени, карама каршылыкты татаал кыйынчылыктарды реалдуу түрдө көрсөтүүгө аракет кылат. Жазуучу «Узак жолдо» турмуштук кырдаалдарды кеңири мааниде сүрөттөсө, ал эми «Кыйың кезеңде» болсо, кыргыз айыл жергесиндеги отурукташа баштаган орус эли жана карапайым калктын ортосундагы, деги эле айыл жергесинде башка улуттардын келиши менен чоң өзгөрүүгө учураган социалдык жашоону Кабылдын дүйнөнү таануу психологиялык туюму менен мүнөздөйт.

Элебаев прозалык чыгармачылыгында адамдын жашоосун курчаган материалдык дүйнөнү майда-чүйдөсүнө чейин сүрөттөөдө чоң чеберчиликке жетишкен. Мына Базарбай аттуу тууган өңдүү агасын ээрчип Түпкө Гаврил аттуу орус байынын чөбүн жыйнап, жумуш кылганы баратат. «Бул өмүрдөн баары Кабылга жаңы! Сугатты карай малын каптатып ышкырып айдап бараткан кишилер, талаадан жаңы келип, арабасын токтотуп коюп, кычыратып дарбазаны ачып жаткан эгинчилер, айрысын сороңдотуп, сарайга чөп үйүп жаткан бирөөлөр, анда-санда бир короодон жарыша чакырып турган тооктор, көчө бойлоп жүргөн каз-өрдөк, арыктагы ылайга терең орноп алып оонап жаткан семиз чочколор» [15.182]. Мындай өзгөрүүлөр орус эли көчүп келе баштаган айылдардын баарында бар эле. Муну Кабыл таң калычтуу кабыл алат. Мурдагыдай боз үй эмес, жыгач үйлөрдүн тургузула баштаганын, жаны турмушту кабыл ала баштаган кыргыз элинин жашоосун жазуучу өтө кылдаттык менен Кабылдын байкоосунан улам сүрөттөп жүрүп отурат. «Гаврилдин короо-жайы көр жерге, терезесинин көбү көчө жакты караган беш алты бөлмөлүү заңгыраган үй. Бул шартка Кабылдын али көзү үйүр алган жок». Жазуучу кыргыз жергесиндеги мурда көчүп конуп келген элдин жашоосундагы башкача турмуштун орун ала башташын Кабыл өңдөнгөндөр, кедей кембагалдардын орустарга жалданып, эптеп күнүн көрүүсүн жана алардын социалдык жашоосун карама-каршылыктуу чагылдыра алган. Жогору текст үзүндүсүндө жаңы турмушту сүрөттөсө, эми ошол мезгилдеги Кабыл өңдүү адамдардын жашоо шарты да бир кыйла таасын чагылдырылат. «Бүгүн Гаврилдин өз үйүнөн бир топ обочо, дарбазанын сол жагында

бир жепирийген жалгыз тамда түнөдү. Муну жаңы көргөндө баягы жылы Кытайга үркүп барып кыштап чыккан бир уйгурдун тамы эсине түшкөн». Мына бул тамдын боорунан чыгарган очогуна караганда теги бир заманда өзбек сыяктуу журт турса керек деп ойлогондой. Эшик алдын көр жер басып, жедеп, жер болуп каалга жабылбай калган. Бая келгенде Кабыл эшигин жабам деп жабалбай койгон. үйдүн ичи капкара болгон ыш. Бурч-бурчтардын баары электин көзүндөй жыбыраган жөргөмүштүн желелери сокур кишинин ыкшырайган жаратымсыз жалгыз терезеси бар. Ушуларын карап, Кабыл мында көптөн бери адамзат турбаганын байкады. Бир кезде төр жактан бир чычкан кылтыйып чыгып келип ийиндин оозуна бир аз кидире калды да, жаңы кишини көрө коюп кайра жылт этти. Иңир кирип калган, Кабыл жатып караңгы киргенден кийин, чычкандар тамдын ичин дүбүрөтүп жарышып жүрө берди» [15.183]. Жазуучу турмуштун эң майда барат көрүнүштөрүн кызыкчылык жана терең байкоо менен мүнөздөп берет. Ушуну менен Элебаевдин чыгармачылыгындагы өзгөчө индивидуалдуулугу бөлүнүп чыгат. Чыгармада кездешкен мындай майда деталдык сүрөттөөлөрдү жазуучу белгилүү бир сюжеттик ойдо колдонгусу келгенби деген суроо туулат. Бирок чыгарманы улам барактап окуп жатып адамды курчаган ага байланыштуу нерсенин баарын чоң кумар менен жазганын сезебиз. Ошентсе да, автор майда-барат көрүнүштөрдү туш келди эле жаза бербестен, ар бир сөздү кайда жазышты билген реалдуу кубулуштун ар бир майда-чүйдөсү маанилүүлүгү менен, андагы катышкан каармандардын образын, ички-тышкы туюмун ачып бере алуусу менен баалуу экен. Мындай пикирибизге Гоголдун «Автордук чын сырындагы» (исповедь) «Нужны все те безчисленные мелочи и подробности, которые говорят, что взятое лицо действительно жило на свете. Иначе оно станет идеальным и бледным» деп жазганы туура келет [6.313] .

Ар бир жазуучу өзү жараткан образды кадимки тирүү адамдай көрсөтөт. Бирок көркөм образ жазуучунун чыгармачылыгындагы жалпы картинанын, сюжеттин деталы жана жазуучунун көркөм идеясын ишке ашыруучу гана болот. Ошол сыяктуу көркөм образ жөнүндө Одинцов төмөндөгүдөй айтат: «Писатель живо представляет человека, образ которого создав известно, например, что Достоевский, Тургенев, Чехов ясно видели своих героев, Писемскому его образы не давали заснуть, Гофману его персонажи козались настолько реальными, что он просил жену быть рядом, когда он пишет, Л.Андреев сам подражал манерам, привычкам созданных им лиц когда Диккенс описал смерть ребенка в «Домби и сыне» он от волнения не мог уснуть и всю ночь ходил по улицам со слезами на глазах, Флобер, изображал сцену отравления Эммы Бовари, испытывал все признаки отравления вкус мышьяка во рту, реакцию желудка, его мучило рвота» [14.51]. Ал эми Элебаев канчалык деңгээлдеги образдарды жарата алды? Биз иликтөөгө алган аталган чыгармалардын

сюжети өтө курч окуяларды же болбосо кызыктуу сюжеттерди камтыбаса да жаңы тиричиликти кабыл ала баштаган элдин жашоосун чагылдыруудагы каармандардын образы жандуу, кыймыл аракеттүү, өзүнчө талдоого алаарлык. Өзгөчө баш карман Кабыл жашоо үчүн күрөшүп жан багуунун айланасында Гаврилдин баардык жумушун жасоого далбас урат. Анда тыным жок. Жада калса Гаврилдин үйүнө меш жагып тезек калайт. Бул үйдө буга көңүлүн бурган жалгыз карган кемпир. «Ушу жерден күндө кечинде тезек көтөрүп келип алдыңкы үйгө кире бергенде, печтин үстүндө бир кемпир жаралуу, муңдуу кылып бир калыптан жазбай акырын гана күңгүрөнүп, муңканып отурар эле. Бул Гаврилдин энеси. Жашы сексенден ашып, чөүп калганына бир топ жыл болгон экен. Шалдыраган бир кур сөөк. Эмки өмүр көргөнү-ушул печтин үстүболгон. Жайы-кышы дебей ушунда үүңкүйүп отурганы отурган. Тамакты да ушул ордунда берет. Ушул кемпирдин күндө бир убак кеч курун мунарып, күүгүмдөп бараткан таасирлүү жымжырттык алдында бир калыпта муңканып отурганы Кабылдын жүрөгүн жаралап, алда кандай бир белгисиз кыялга түшүрөөр эле. Эмнеге ошентет? Же кудай мени ушул жашка келгенче неге албай, кыйнап койдуң деп касырет-заман айтабы? Билбейсиң» [15.187].

Элебаев мыкты портретчи деп, буга чейин айткандай, анын чеберчилиги жөн эле каармандардын тышкы кейпин сүрөттөп койгондугунда эмес, анын жөнөкөй эле кирди чыкты каармандардын образынын ички жан дүйнөсүн ачып бере алган талантында жатат. Эмнеге Кабыл кемпирди көрүп өзүнчө кыялга батып жүрөгү жараланат. А мүмкүн каарман боорукер, турмуштан нечен түрдүү окуяларды башынан өткөрбөсө бу карыпка боор оорубайт эле. А кемпирчи? Ал деле эмнегедир кээде Кабылга өзүнүн жегенинен артып калган калачтарын калтыраган көпкөк тарамыштуу колдору менен ашыгып бере койучу. Таштай берген этти кагып алган тайгандай умтула берип сырттан бирөө келгиче тапкан олжосун кабыл да кымыра коер эле. Чынында кемпирдин бул ракымы бечарага жаны ачыгандыктанбы, жок, өзү көр оозунда тургандыктан мындайлардын сообун ала кетейин дегениби Кабылдын көзү жетчү эмес» [15.186-187]. А чынында бечара кемпирдин мештин үстүндө отуруп күн батырып, тан атырышы менен жашоону өткөрүп, айлана тегеректе эмне жүрүп жатканын көз алдынан өткөрүп отурат. Мүмкүн ошондуктан Кабылга боор ооруп, өзүнөн арткан нандарын эч кимге көрсөтпөй берип жатат. Бу жерден кемпирдин дүйнөсүн жалгыз Кабыл түшүнгөндөй, ал эми Кабылга кемпирдин гана жаны ачыгансыйт.

Элебаев «Кыйын кезенде» жогорудагыдай каармандын образын жаратууда бир топ ийгиликтерге жетишкен. Октябрь революциясынан кийинки кыргыз элиндеги өзгөрүүлөрдү, орус элинин таасири астында кыбыр эткен кыргыздын баарысы сокмо там салып, топурак менен

алышып, айылдарда бирин экин «жаны тартип» окуусу деген сөз жайылып, мектептер ачылып жалпы элдин турмушуна, аң-сезимине көп жанылыктар кире баштаганын реалдуу түрдө, совет өкмөтүн даназалап бат эле гүлдөй баштаган совет турмушун көрсөтпөстөн, чыныгы турмушту сүрөттөгөн.

«Ушинтип жаны тартипке не бир адам таппаган аттар коюлду го? Бирок ушул өңдүү кээ бирөөлөр муну кандай укмуш кылып айтып жатса да, ушундан окусам дегенде Кабыл үзүлүп түшүп, алды жүргөндөрдү бактылуу самап, өзү келечекте бир чоң олжодон кур калгандай көрүндү. Кечинде мектептен кайткан балдардын алдынан утурлап барып, алардан окуунун жөнүн сурайт. Жаны кабарларга канат [15.207]. Мына «Узак жолдогу» каарман дайыма алдыга, эмнегедир бир жакшылыкка умтулчу. Эми ошол каарман-Кабылдын көксөгөнү окуу. Ал мурдагыдан да өстү. Ал эми жалгыз курсак тойгузуу амалы эмес мектепке эптеп кирүү азабы менен алек. Кабыл бу айылдан көңүлүнө жаккан бир теңтуш Абдылда аттуу балага барып «үлүңдөгөн бир, эки чычаланы жагып коюп, Абдылданын кирдеген, ушаланган кагаздарын экөө жарамсыз жарыкка салып окуп бир бирине маталып, эл жаткыча отурушар эле. Кабыл баардык дити менен кагазга кадалып карайт. Канчалык кадалып, жарым күнгө чейин отурса да бир талыгуу жок» [15.208]. Жазуучу башкы каарманды дайыма кыймылда, өнүгүүдө берет. Жашоодон башка нерселерди күтүп келечегин өзүнө коет. «Кыйын кезеңдеги» негизги сюжет Кабылдын жашоосуна байланыштуу окуялар менен жай өнүгөт да каармандын жашоосу аркылуу башка образдардын ролу жана алар тууралуу кабар чыгат. С.Жигитов мындай дейт: «Бул жөнүндө жазуучу тунгуч романга карай жаны кадам жасаган эмес. Негизинде жаткан турмуштук материалда нукура драматизм, чыйралган окуялуулук, дагы башка зарыл касиеттери жогунанбы, «Кыйын кезең»менен «Зарлык» таасирленткич күчү, кызыктуулук касиети боюнча а түгүл «Узак жолго» чамалаша албай калган» [7.32]. Чын чынында бул аталган чыгармалар «Узак жолдогудай» көркөм күчкө ээ болгон эмес жана көпчүлүк жери жаны турмуштан Кабылдын малай болуп Алма-Атыга чейин барган жашоосун тизмектеген баяндоолордон турат. Ошентсе да бул чыгармаларында кармандын ички дүйнөсүн, психологиясын берүүдө бир топ ийгиликтерге жеткен. Биз жогортон сөз кылып жаткан Кабылдын ички дүйнөсү эми анын мектепке кирүү үчүн кылган аракети окуп жаткан балдарга суктанган абалы эле жазуучунун жетишкендиги. Автор Кабылды бүт жагынан ачууга аракет жасаган. Мисалы Кабыл бала кыял, мээнетчил, боорукер ушул эле учурда тапан, тилдүү айтканынан кайтпаган көк. Же болбосо Асылкан Базарбайдын аялы «Асылкан мен менсинген жигиттен кем эмес. Далысы бою, денесинин зордугу, бартайган буту, колу Базарбай менен барабар. Экөө катар басып кеткенде ийиндери тепетең, өзү баржайган сары, жаагы кере карыш, эрди түйрүк албетүү неме». Тышкы

келбетине жараша эркектин жумушунун баарысы колунан келет. Бирок анын мүнөзүндөгү бир сапат- албуут, тажаал аял. Ушул эле Асылкан жана Кабыл экөөнүн ортосундагы кайым-айтышуу сюжети «Байсал» аттуу чакан аңгемеде камтылган. Бул ангемедеги өзгөчөлүк Кабылдын аты гана Байсал деп берилет. Эки барактан турган кыска ангемеде ушул эле Кабыл менен Асылкандын турмуштук шарттан келип чыккан урушу чагылдырылат. «Кыйын кезеңде» Кабыл Гаврилде эки жыл малай жүрүп анан дагы бирөөлөргө малай туруп, акыры Базарбайдыкына кыштап калат. Заман тартыш болуп жатса, бирөөнүн үйүндө жашаш Кабылга кыйынга түшөт.

Элебаев каармандын ички дүйнөсүн ачып берүүдө каармандык кеп, диалог менен жандуу, образдуу кылып ачып бере алган. Бул, өзгөчө «Байсал» аңгемеси менен «Кыйын кезеңдеги» Кабылдын жана Асылкандын кайым-айтышуу диалогунда ачык көрүнөт. Ошол эле Кабыл же болбосо Байсал окуу деп көксөп эми бар тилеги «жаңы тартипке» өтүү максаты калат. Базарбайдыкында жашап жүргμн соң баланын мунусун туура көрүшпөйт. Андан көрө эл катары оокат кылуусун айтышат. Ошондой күндөрдүн биринде Кабыл башка айылга чыгып кетип бир күн жоголот. Асылкан үйүндө балдары менен эч нерсе кыла албайт. «Арам гана тажаал мен бир күн жок болгонго урунаарга тоо таппай буулугуп калган экенсиң ээ!-деди ичинен» мына Кабылдын алдыда боло турган чатакты күткөн, билген ички айтуусу. Ал Асылкандын мындайын билет. өзү да бала болуп унчукпай калбайт.

«Эшикте бир тутам куурай жок. Башкасы тиги…Мен болсом үйдө бала-бакырадан чыгалбаймын. Кудайдан коркуп бир …

Соңку кездерде Кабыл да тигинин өзүнө жараша тилин тартпай кырсыгып алган. -Ошолорду өзүң эле иштеп койсоң эмне болосуң? Ошенткенде тиги: -Эмне дейсиң я-деп обдулуп келе жатканда Кабыл унчукпай артын берди эле кайтып басылып калды. Ошол ордунда отуруп алып кыйрата тилдей берди. -Сен мага каяша бергиче болдуңбу, я ? О, узабагыр. Капыр, тозоку. Жетим киши кыйды болот деген ырас экен. Сен билген шумдуктун бирин да билбеймин мен, ушул жашка келип.

-Ооба, билбей турган чыгарсың!..

-Бас оозуңду! Ушул кычкач менен жөн эле башыңды жара коем. Мени бүгүн тозокко түртүп жиберсең да. Кылып берип жыргаткандан да жыласын өтүп кетти сенин. Азар болсоң кетип калаарыңбы?..

Кабыл да кашайып айтышып деди

-Кеткенден коркуп калат дейсиңби? Караптур кеткенди.

-Кет! Азыр жогол, көлөкөңдү көрсөтпөй. Айланганы турасыңбы, бу жерде каракчыдай болуп. Сен кеткенде кайсы менин толуп жаткан жумушум кылынбай жатат. Кудай алсын, мындан жаманымда алган эмесмин. Сен жокто да мындагы эл оокат кылып жүргөн. Бир колтук

куурайды өзүм да көтөрүп алам ушул жерден» [15.209]. үзүп салууга мүмкүн болбогон жогорудагы кайым айтышуу диалогунан улам Асылкан менен Кабылдын же болбосо Байсалдын образы чыга келди. Ушул жерден А.Толстойдун «Искусство диалога идет от виденья жеста» [12.359] дегени Элебаевдин бул диалогуна тийиштүү келет. Анткени каармандардын кебин индивидуалдуу кылып жаткан диалогдордун жандуулугу жана билинбеген мимикалык кыймылдар каармандардын учурдагы психологиясын түзүүдµ чоң кызмат кылат. Асылкандын түйрүк эрди, тилинин заардуулугу жана Кабылдын да тирмейип айтышы жөн эле бир кайым -айтышуу эмес, а экөөнүн тең кыялынын кагылышы, кулк-мүнөзүнүн учурдагы психологиялык процесстин чагылдырылышы. Мындай речтер жөнүндө профессор Л. үкүбаева: «Адамдар бири бири менен баарлашуу процессинде жалпы элдик тилдин баа жеткис байлыгынан ар кандайча пайдаланат. Бул көбүнчө алардын турмуштук тажрыйбаларына, жаш өзгөчөлүктөрүнө, маданий деңгээлине жана башка толуп жаткан шарттарга тыгыз байланышат. Речтин мүнөзү ошондой эле баарлашуунун мүнөзүнө да тикеден тике көз каранды болбой койбойт. Кээ бирөө өзүнүн көргөнүн, башынан өткөргөнүн чындыктуу айтса, экинчиси өнөгүн алдап калп сүйлөйт, дагы бири ооздон чыккан сөзүн аздектеп, бирөөнүн көнүлүн оорутпай сүйлөсө, экинчиси тигинин жараатына тийип эң бир уулуу сөз издейт. Мындай жагдайлардын бардыгы, албетте речке таасир тийгизип, ага индивидуалдуу түс берет», -дейт [18.120-121].

Асылкандын сырткы кейпи эле анын мүнөзүнө төп келет. Ал албуут, тажаал, мунусун автор дагы бир жолу бекемдеп «Эри чачтап, канчалык уруп тепкилеп жатса да бир тилин тартып койчу эмес. Мунун сырын билген айыл-апанын баары зирилдеп туруучу. Эркектер, ургаачылар муну менен бирөө тартышып калса: «Кокуй Асылкан менен теңелбе» деп жанына келип кишисин алып кетээр эле» деп сүрөттөйт [15.210].

Элебаев «Кыйың кезең» жана «Байсал» чыгармаларында каармандын мүнөзүн түзүүдө жазуучулук чон натыйжаларды бере алган. Чыгармада Асылкан, Кабылдын образдары толук жекече мүнөзү менен чагылдырылган. Себеби Асылкан албуут гана эмес, камкор эне катары да берилген. Албууттугу анын болгон мүнөзүн айгинелейт. Ал эми Байсал же Кабыл жашоонун айынан ар кайсы жерде жүрүп жедеп бышып тапан болуп бүткµн мүнөзү көрүнөт. Ал да өз сөзүнөн кайтпайт. Буга «Узак жолдогу» бала курагында эле чоң адамдай болуп өз инилеринин келечегин ойлоп Мамирамизиндин байбичеси менен айтышып бир туугандарынын таламын талашып, акыры таанылбаган эле бир кой айдаган сартты ээрчип көлгө келгени эле анын өжөрлүгүн, кайратын көрсөтөт. Ал акыры бул «Кыйың кезеңде» да тырышып эч кимдин сөзүн укпай Асылкандан кетип, өз теңтушу Абдылда аттуу баланы арага салып атып «жаны тартипке» окууга кирет. Эми ал үйү жок, күндө бир балага эрте сүйлөшүп койуп окуп

жүрөт. Бирок бат эле жазында мектеп жабылып калды. Эми Кабыл эмне болот деген суроо туулбай койбойт. Жазуучу каарманды бир жерге койбойт. Ал ар дайым изденүүдө кайдадыр келечекти көздөй дайыма ашыгат. Бул «Кыйын кезеңде» да «минтип жүрө бербестен, эч теме чыкпасына көзү жеткен соң эмки багытын өзгөртмөк болуп, күндөрдүн биринде тескейди карай бет алып жүрүп кетти. Кеткенде да бул элден биротоло куйрук түйдү» [15.213].

Жазуучунун бул сюжетти улантып, Кабылдын андан аркы тагдыры жөнүндө сүрөттөгөн дагы бир аңгемеси «Зарлык». Аңгемеде баягы эле каармандын көр тирликтин айынан ар кайсы жерде, ар кимге жалданып иштеп жүргөн күндөрү менен эле кыргыз элинин жакыр турмушун революциядан кийинки кыйын абалды берүүгө аракет жасаган. «Кыйын кезеңде» Кабылдын жаңы дүйнөгө, жаңы турмуш шарты менен таанышып орус байларынын колунда колу бутун чор басып тынымсыз уйку көрбөй жан бакканын ошондой эле кыргыз элинин өз жерлерине ээ болбой жакшы жерлердин баарына ээлик кылган орус байлары менен мамиле ошону менен бирге эле орустарда да кыргыз кедейлерине окшош Степан өңдүү жөнөкөй карапайым, боорукер адамдардын бар экенин адамдардын жашоосунда ар дайым карама-каршылыктуу мамилелер болоорун көрсөткөн. Кабыл жаны гана «жаны тартип» окуусуна эптеп кирип жанкыдай окуй баштаганда жабылып калып, дагы эле келечекке жакшы үмүт менен жол тартат. Бул эми Зарлык. Ал баягыдай эл которуп, жер которуп малайлык менен жан багып келет. Аңгеме майда төрт бөлүктөн турат. Биринчи бөлүгүндө Тасманын талаасында жалгыз үйгө бурулуп коноорго уруксат ала албай кетип бараткандагысы менен башталып Зарлыктын акыры Караколго «Казыналык окуу» деп самап бараткан убакытта «Сазановка», «Күрмөнтү», «Дархан» акыры Алматыга чейин малайлык кылган күндөрүнөн кабар берет. Зарлык жөө -жаландап кышкы күндө бара жатканда бул мезгилде журт ичинде кылмыштуулук көп болуп жаткан маал болот. Дал ушундай убакта кыш ченде тасманын талаасында жалгыз бараткан Зарлыкка кош ат чеккен төрт беш көпкөн адамдар кол салмак болушат. Булардын түрүн Зарлык байкай коюп жолдун тескери кеткен бир айрылышына түшүп ылдамдай берди. «Зарлыктын тушуна келе берген ченде арабадан үч адам ыргып түштү эле, ал жаңкы жолунан да чыга качты. Кар тизеден. Бутунда кийиз өтүктүн башмагы бар мунун кончун кетеринде кожоюну кесип калган. Колунда жоон жыгачы бар, эңгезердей бирөө кесек арыштап, кыйрата сөгүп чуркап келе жатканы бөтөнчө көрүндү. Башмагына кар толуп бутунан ыргып кетип буйдала түшүп Зарлык да жөнөп барат.

Эми бир аз кууганда булар жетмек эле. Ары курсак ач, ары муун жок, ооздон кара суу келип, шайман кетип калган. Бул сырды тигилер билбесе керек, бир топ кууп келе түшүп, кайра тартышты»[15.215].

Элебаев өз каарманын дайыма тынымсыз аракетте, айлана-чөйрө

менен тыгыз байланышта, турмуштук катаал жокчулугунда берет. Ал бардык эле чыгармаларында психологиялык анализдин негизги көркөм каражаты катары портретти колдонот. Каармандын мүнөзүн түзүүдө алардын ар кыл образын көрсөтүп, сүрөтчү катары жакшы ийгиликтерге жеткен. Жогорудагы текст үзүндүсүнөн «кончун кесип алган кийиз өтүк»эле анын бечаралыгын ошол эле учурда каардуу кышта турмуш менен алышып, эч нерседен тажабай, кайра чымырканып келе жаткан психологиясын туюндурат.

Элебаевдин кол жазмаларында сакталган «Узак жолдун»2-китебинен аттуу эки үзүндүдө тең дал ушул каармандын «Казыналык окууну» энсеп , ошон үчүн эч бир адамдын сөзүн укпай Каракол шаарына келген мезгили сүрөттөлгөн. Элебаев уландысын жазганда үзүндүнү кайра оңдоолор жана толуктоолор менен повесть - аңгемеге айландырган. «Зарлыкта» автордук баяндоодо Зарлык шаарга окууну көксөп келип, барбаган жери кирбеген мекемеси калбайт. Акыры көздөгөн оюна жетип, интернатка да өтөт. Ушул эле Зарлыктын сюжети эки үзүндүдө да камтылган. Биринчи үзүндүдө «Узак жолдогудай» лирикалык каармандын ички көксөөсү, ички дүйнөсүнүн толгонуусу аркылуу баяндалат. Экинчи үзүндүдө деле ушул сюжет, бирок «Зарлык» аңгемесинен жана экинчи үзүндүдөн айырмаланып, биринчи үзүндүдө Караколдон Урманбетке кезиккен сюжет бар. Бул чыгармалардын көркөм баалуулугуна образдардын канчалык деңгээлде ачып бере алган сүрөткерлиги жөнүндө сөз козгогондо автор каармандардын психологиялык абалын көбүнчө кабарлап, ал эми алардын ички толгонуусун толук «Узак жолдогудай» жеткире алган эмес деп айтууга болот. Мында Элебаев каармандардын ички жан дүйнөсүнүн диалектикалык кыймылын үстүртөн, автордук баяндоодо гана берген. Ал эми биз сөз кылып жаткан биринчи үзүндүдө жогорку чыгармаларга карганда «мен» деген каармандык баяндоодо Мукайдын Караколго «казыналык окуу» издеп, ал үмүтүн үзбөй көчөгө да түнөгөнү келечектеги окуу деген ой кыялынын чабыты, рухий өнүгүүсү сүрөттөлөт. Бул үзүндүдө Урманбеттин тагдыры, анын жашоосу жакшы чагылдырылган. Урманбет «Узак жолдогу» башкы каармандардын бири. Муну автор өзү да белгилеп кеткен. «Урманбет деген кургурду мен мындан мурун да бир жерде сүйлөп өтсөм керек, беш жашынан тартып жетимчиликти, адам көрбөгөн сапатты көрүп, акырында 1914-жылы солдатка кеткен»15.121].

Каарман шаардан окууга кире албай, жан багуунун айласында жакын айылдарга барып жумуш кылып убакыт өткөрөт. Окуудан күдөр үзбөйт. Бир күнү бош отуруп айылдаш бир адамга кезигет. Ал Урманбетти көргөнүн жана ал эки бутунан чолок калганын айтат. Каарман «Муну көргөндө мен жанымдын кашайганын жашырып, күч менен жылмайып, жүзүмдү жайкатып, ырыстуу кишинин калыбына түшө калдым» дейт. Каарман турмуштун ар кандай кыйынчылыктарын башынан далай өткөргөн. Ал кимге кандай мамиле кылышты айттырбай билет. Ал жедеп

турмушка бышып бүткөн. Ошондуктан туугандарынын айткан сөзүнө көнбөй окууну көксөп келип отурат. Ал Урманбеттин эки бутунан ажырап чолок калып бу шаарда жүргөнүн угуп эки күн издеп, үч күн дегенде бир көчөдөн капысынан кезигет. «Бир эшеги бар экен. Ал арыктын боюндагы көккө коюп салып, өзү жай баракат гана отурат. Жанында бир балдактуу дагы бир чолок бар «мени көрбөй өтүп барабы» дегендей болуп «кодоң» этип эки балдагын эки колтугуна таяна тура калды. Адеп көргөндө бир түрдүү болуп томсоро түшүп, бара бара мен жакындаган сайын көзүнө күлкү белгиси жүгүрүп күлүмсүрөй берди. өзүнүн кайратына шайкеш келип тургандай башында чакчарылта кийген көк папак, үстүндө жез топчулуу, эскирек сур бешманты бар. Ичинде дагы ошол түстүү сур көйнөк.

Бир буту экинчисинен  төрт элидей кем, жерге  тийбей чолтойуп турат. Жер баса турган оң буту балтырынан жок. Мунусун кара булгары менен ороп, сыртынан кайыш менен чырмап салган. Турганы чөгөлөгөн кишинин тизесиндей болуп бүгүлүп  турат . Тикийген сүрдүү саргыч муруту бар. Кырып таштаган сакалы чала куйкаланган чочконун терисиндей сары куйка тартып турат. Далысы бир кез келип далдайган кең көкүрөгүнө жараша бүткөн кыраандыкындай көзүнөн кайрат өртү жайнап, өмүр бою күрөшкө, майданга жаралгандай түсүндө, турмуштун сан жоругун кечирип келгенин айтпай-так мынабу кейпи сайрап тургандай» [15.121-122].

Портрет маселеси жөнүндө Л.Н.Толстой «Адамды сүрөттөп берүү дегеле мүмкүн эмес, бирок ал мага кандай таасир этсе, ошондой сүрөттөөгө болот» [12.207] деп белгилейт. Ушул  сыяктуу Урманбеттин солдаттан эки бутунан айрылып келген кебетесин Мукай өзүнүн каармандык көрүүсүндө, кабылдоосунда таасирлүү кылып берди. Элебаев бул портретти көзгө урунган Урманбеттин кейпин,  сырткы турпаты менен ички жан дүйнөсүн да көрсөтөт. Анын ички кыймылы каармандык байкоодон улам түзүлүп отурат. Ал эми Урманбет болсо, өзүнүн абалы мындай болгон күндө да Мукайдын кейпин көрүп ага бору ооруп «Бутунда да бирдемең жок экен, жарылып кетиптир» дейт. Мукайды көрүп ого бетер мунайым тартат. Мына ушул жерден эки каармандын тең психологиясы таасир калтырчудай. Байкуш Урманбет бутунун чолоктугуна карабай Мукайды ээрчитип өзү билген баардык мекемеге кирип чыгат. Эч натыйжа чыкпайт. Окууга кириш оңой нерсеге турбайт .Ал Мукайга жардам бере албаганына өкүнөт. Ичинен капаланат. Муну Мукай мекемеден кайра чыгып келатканда эле анын жүзүнөн баарын баамдап билип турат. Урманбет солдатка барып эки бутунан ажырап кайтса да кайраттуу, эч кимге жалдырабай өз күнүн өзү көрүп турмуш менен дайыма тынымсыз күрөштө. Ал баягыдай эле эч нерседен, эч кимден тартынбайт. Ыбыке болуштун атын талашып мингендей эле, ал мекемедеги окуу жок деген башчыдан да коркпойт. Жетимдердин, кедей кембагалдардын таламын

талашкан совет өкмөтүнүн акыйкаттуулугун талап кылат.

Жазуучунун бул чыгармаларындагы жетишкендик турмуш чындыгын көбүртүп, өзгөчө совет мамлекети жаңы орной баштаган мезгилди кандай болсо ошондой реалдуу бергендигинде жатат.

Элебаев романдын экинчи китебин көлөмдүү кылып жазууну көздөгөн окшойт. Бирок кандайдыр бир себептерден улам бул тилегин ишке ашырган эмес. Мындай деп айтышыбызга «Зарлыктын» кыска кабарлоо бөлүмдөрдөн турушу жана «Кыйың кезеңи», «Байсал» аңгемеси жана дагы эки үзүндүнүн өзү эле чоң чыгарманын бөлүктөрү экенин айгинелейт. Мүмкүн жазуучу согушка кетпесе, жогорку чыгармалардын баарысын бир тартипке келтирип бир чыгарма кылат беле. Бул чыгармаларда автор каармандын образын түзүп, анын ички дүйнөсүн көрсөтүүдө өз заманында жакшы адабий табылгаларды киргизе алган. Алар биз жогоруда белгилеген каармандык кеп, диалог, деталдын баалуулугу, портрет маселеси, баяндоо ыкманын өзү, кыска сүрөттөөлөр. Булардын баары кыргыз совет адабият тарыхынын алгачкы совет мезгилиндеги калыптанышында азыркы адабияттын жетишкендиктеринин бири болгон психологиялык анализ формаларынын азыркыдай өнүккөн түрлөрү үчүн алгачкы башталма формалары катары мактоого алаарлык жөрөлгөлөр экени ырас.

## Мукай Элебаевдин аңгемелери.

М.Элебаевдин жазуучулук чеберчилиги кадыресе турмуштук окуяларды сүрөттөп берүү менен элдин башынан өткөргөн оор учурларды чагылдырууда жатат. Жазуучу каармандардын образын түзүүдө алардын ички жана сырткы дүйнөсүн ачып көрсөтүүдө чыгармачылык ийгиликтүү натыйжаларга жетишкен. Ошондой эле жазуучу чыгармасында берейин деген идеясын, маани мазмунун кыска текстте эң сонун чагылдыра алган.

Анын эң алгач жазылган «Китеп издегенде», «Кезиккенде», «Пахтачылар базарында» жана «Малай артели» аңгемелери 1930-1933-жылдарга таандык.

Жазуучунун «Кезиккенде» аттуу аңгемеси эки адамдын капыстан кезигип калган учуру менен башталат. Чыгармада Мен аркылуу берилип, аты аталбаган дагы бир карман жонүндө кен маалымат айтылат. Ал да алты-жети жашынан жетим калып, турмуштун токсон түрдү кыйынчылыктарын баштан кечирген. Экөө Ак-Суу калаасында бай оруска малай болуп иштешип, ошого жараша эмгек акыларын алмак түгүл, кайра муштум жеп, ачкачылыктын айынан тоого барып ышкын терип, калаага алып келип токочко сатып, жатар жайы жок көчөгө түнөгөн күндөрү жөнүндө эскерилип, эми экөөнүн азыркы турмушу баягыдай эмес экенин

баяндаган фактылык маалыматтар жана жашоо турмуш жөнүндө аңгемелешкен тажрыйбаларынан кеп салынат. Бул чыгармада окуяны көркөм сүрөттөө дегеле адабий курулушу жагынан али төмөнкү деңгээлде экенин жана жазуучунун прозалык чыгарманы жазууга болгон даярдыгы көрүнүп турат.

Чыгарманын сюжеттик өзөгү каармандардын иш аракетинде, мүнөзүндө өнүкпөстөн, Элебаевдин күндөлүктөрүндөгү турмуштук тажрыйбаларынан келип чыккан ой туундуларына көбүрөөк жакын. Мындан чыгарманын окуяны сүрөттөө жагы, каармандардын жашоосунан кабар берген маалыматтардын жыйындысы сыяктуу болуп, көркөмдүк деңгээли жогору көтөрүлө алган эмес.

Жазуучунун чеберчилиги чыгарманын сюжеттик курулушуна байланыштуу чыгат. Улуу совет жазуучусу М.Горький сюжеттин баалуулугу жөнүндө: «Адабияттын үчүнчү элементи болуп сюжет саналат. Тактап айтканда байланыштар, карама-каршылык, симпатия, антипатиялар дегеле адамдардын өз ара мамилеси тарыхтын өсүшү жана тиги же бул мүнөздүн типтин түзүлүшү»,-дейт [5.668]. Адабият, Горькийдин жогоруда айтканындай жашоонун ар түрдүү жагын көрсөтөт. Көркөм адабиятта мындай сюжеттин өзгөчөлүгү тиги же бул мүнөздү жаратуу чеберчилигинде болот.

Аңгеменин сюжеттик өзгөчөлүгүн, идея-тематикасын белгилөө сөзсүз түрдө каармандардын айлана-чөйрө менен болгон байланышты аныктоо менен алардын мүнөзүн белгилөөдөн чыгат. Бирок ангеме жанр катары өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө ээ. Көлөмдүү чыгармаларда жазуучу каарманды ар тараптан окуянын өнүгүшү аркылуу ачып бере алса, аңгемеде каармандын адамдык жашоосун чагылдыруу үчүн анын мүнөзүнүн эң керектүү жерине гана токтолот. Ошентсе да, кай бир убактарда роман, повесттерде берген идеяны, проблеманы чакан аңгеменин сюжетинен да табууга болот. Мында жазуучунун чеберчилиги роль ойнойт. Ошондуктан аңгеменин маңызын ачуу женил нерсе эмес, ал аябагандай терең талдоону талап кылат. Каармандын тиги же бул мүнөзүн айкындоо үчүн сюжеттүү жаңылыктар керек. Мындай шартта аңгеменин мазмунунда курч турмуштук окуялар, күтүлбөгөн иш аракеттер баяндалат да, каармандын чыныгы жүзү көрүнөт.

«Малай артели» аңгемесинде Элебаев 1930-жылдардагы колхоздоштуруу убагындагы карапайым элдин жаны турмушун, совет жашоосундагы алгачкы тиричиликти белгилүү бир жаңылыктар менен берүүгө аракет кылган. Жаш жазуучунун бул аңгемеси алгачкы чыгармаларына караганда элдин жашоосун турмуштук кагылыштуу окуялар менен алардын кулк-мүнөзүн, ички жан дүйнөсүн көрсөтүүгө кадам жасаган чыгармачылык аракети болгон.

Б.Маленов Элебаевдин чыгармачылыгын иликтөөгө алган

диссертациялык эмгегинде: «социалисттик турмуштун белгилүү бир кырдаалын реалдуу сүрөттөгөн ангеме-«Малай артели» деп белгилөө менен, аңгеменин реалдуулугу, баарынан мурун коллективдик чарбанын жана коллективдик эркин эмгектин ролун, артыкчылык социалисттик коллективдин курулушун, чыңалышын, коллективдин салтанатын туура жана конкреттүү сүрөттөөгө байланышкан» дегени жөндүү [10.95]. Ал эми 30-жылдардагы проза жөнүндө К.Артыкбаевдин бир катар жазуучулар А.Токомбаевдин «өткөндөгү муң», «Кандуу жылдар» (1935) М.Абдукаримовдун «Жашагым келет», Р.Шүкүрбековдун «Ардактуу атчандар» (1933), чыгармаларына: Бул чыгармалардын дээрлик көпчүлүгүнө үстүртөн баяндоо, индивидуалдуу образ түзүүнүн алсыздыгы, сюжеттик мотивировкаларды, турмуштук деталдардын керектөөлөрүн тандай албоо сыяктуу көркөмдүк чеберчиликке байланыштуу кемчиликтер мүнөздүү. Ушул кемчиликтерди кандайдыр бир денгээлде жеңип, чыныгы реалисттик прозанын таламдарына азын оолак жооп бере алган аңгемелердин катарына М.Элебаевдин «Малай артелин», К.Маликовдун «Сарала козусун» кошууга болот [9.60] деп айтканы, аңгемени өзүнчө көркөмдүк өзгөчөлүккө ээ чыгарма катары анализдөөгө шарт түзөт.

М.Элебаев «Малай артели» ангемесинде каармандын мүнөзүн түзүп, иш аракетин берүүдө «Кезиккендегиге»караганда бир кыйла дурус чагылдырган. Мунун негизги сюжети совет мамлекети орноп, Толубай, Баймурат өңдүү байлардын малы-жанынан ажырайбыз деген чочулоосу, кедейлердин таламын талашкан замандын өзгөрүшүнө кападар болушканы жандуу берилет. Аңгеменин борборунда Баймурат, Толубай, Шержан сыяктуулардын кедейлердин заманы орногонго чейинки калыптанып калган нравалык түшүнүктөрүнүн кыйроого учурашы, алардын рухий жактан жабыр тартып, эртең-бүгүн кедейлер тобу малынан ажыратаарын күткөн турмуштук окуяларды сүрөттөйт. Каармандардын жан дүйнөсүндөгү психологиялык процессти автор «заман» деген сөз менен мүнөздөгөн. «**Заман** бузулуп, басар жер тарып барат,-деди Толубай бир кезде кабагын чытып, алыска карап оор улутунуп.

Колдон мал, аяктан аш кетсе - өлүм ошол. Ошону көрүп з**аман** бир жаңсыл болгончо, мал карасын азайтып, бир жерге буйтай турсак дедим эле» деп ал Баймуратка кайрылат. Анын деле жүрөгүндө кооптонуу, коркуу бар. Малдарын башка жакка качырып кармалып калган кай бирлерди кепке салып, «Теги байкап иштеш керек, азыр эки көздүн бири жоо чыккан з**аман** турбайбы? деди» [15.160]. Автор каармандардын психологиясындагы мындай тынчсызданууларды сырткы жаңылыктардан, чыныгы турмуш фактыларынан улам болуп жатканын көрсөтөт. «**Заманың б**өрү болсо бөрү, түлкү болсо түлкү бол» деген .Балам **заман** минтип турганда бир теминип чыйралып аракет кылсаңчы деди Толубай» [15.163]. Каармандардын кебинде көбүрөөк колдонулган «**заман»** деген

сөз каармандар үчүн болгон күтүүсүздүк сюжетте автор тарабынан стихиялуу түрдө белгиленет. Коомдогу карама-каршылыктын өзүнөн келип чыккан жагдайлар каармандардын жан дүйнөсүндөгү психологиялык бурулуштар аркылуу чагылдырылуу менен аңгеменин көркөмдүк жагынан жеткилең чыгышына шарт түзөт. Элебаевдин ошол мезгилдеги башка жазуучулардын аңгемелеринен айырмаланган индивидуалдуулугу образ түзүүдөгү артыкчылыгы каармандардын жан дүйнөсүн чагылдыруу жана турмуштук деталдарды туура колдонуусунда жатат.

«Малай артели» совет турмушун даназалаган чыгармалардын бири. Чыгарманын белгилей кетчү маанилүүлүгү Элебаевдин бүтүндөй коллективдин психологиясын жараткан жана элдин кулк-мүнөзүн көрсөткөн. Ал байлыгынан ажыраган байлардын ички жан дүйнөсүн жана карапайым адамдардын баштан өткөргөн кайгы-кубанычтарын, эмгектеги маанайын, патриоттук умтулууларын бере алган.

«Ушул өткөн күндөгү байлардын жоругу эсиңерден кеттиби?-деди Каракүжүр. Муну укканда Калман өткөн алыскы күндөр эсине түшкөндөй, көпкө ойлонуп калды да, бир оокумда:-Ээ, ал күндөрдүн эмнесин айтасың? Бир күндөр болду да, кетти,-улутунгансып.

Каракүжүрдүн жанында жамбаштап жаткан бирөө:

-Ушунда отургандардан кедейликти кимибиз көп көрдүк,-деди. Анда Калман:

-Кедейликти да, жетимдикти да менден көп тартканың жоктур. Ушул Толубайдын иниси Эмилбай ары манап, ары барып турган жинди болчу.Али эсимде, бир күнү мени чакырып алды да: «таң аткыча ырдайсың» деп жылдырбай отургузуп койду. Амал жок ырдадым.

Аргынбай бир убакта: - балдар, күндөгү жоруктардын несин айтасыңар? Андан көрө бириң ырдап жибергилечи, анан жаталы, түндүн да көбү болуп калды,-деди сөздү бөлүп. Дагы кобур-кобур болду. Аңгыча араба жакта аттарды жайлап жүргөн бирөө:

-Оо -ой деп келип, карангы тунук абада үнүн созуп, кубултуп келип таштап койду. Мындан кийин ар кай жерден жамырап ырдаганга киришти»[15.175].

Бул келтирилген тексттеги каармандардын диалогунда мурда байларга малай болуп азап чеккен кедейлердин өткөн жашоосуна анализ жүргүзүп жаткан сүйлөшүүлөр автордук баяндоосуз берилип өздөрү жан дүйнөлөрүн ачкан.

Элебаев бул чыгармасында психологиялык анализдин каражаттарын колдоно алуу менен, маасалык каармандардын ички жан дүйнөсүн көрсөтөт. Колхоз талаасында эмгектенип болуп, кечкисин эс алып, ар нерседен аңгеме куруп отурушуп, баштан өткөргөн жетимчилик менен жокчулук күндөрү жөнүндө эстеп, тарткан азап-тозокторун кеп кылышат.

Элебаев дал  ушундай жагдайда каармандарды ойлонтуп, өткөн турмушу менен азыркы жашоосу жөнүндө кабар берип алардын ички психологиясын чындыкка шайкеш ишенимдүү сүрөттөөгө жасаган аракети байкалат..

Турмуштук өзгөрүүлөрдөн улам келип чыккан каармандардын ички кайгы кубаныч толкундоолору бул келтирилген диалогдо автор тарабынан эң сонун көрсөтүлгөн. Дегеле каарманды сүрөттөөдө Элебаев портрет жана мүнөздү ылайыктуу жаратып, шартка жараша эмоция, манера адаттарды да туура колдоно алган.

Элебаевдин ангемелеринен ичинен  «Төрт жолоочу» чыгармасы диалогдуу. Диалогдор ар түрдүү жана көп орунду ээлейт. Автордун баяндоо бөлүгү кыймыл-аракеттин болгон жерин сүрөттөө, каармандардын сырткы кейпин берүүдө колдонулган да аңгеме өзүнүн жайылтуу ремаркасында көрсөтөт. Муну аңгеменин мазмуну жана автордун ой пикири менен жеңил эле түшүндүрүүгө болот. Чыгарманын сюжети көтөргөн чапан чапкыты бар төрт жолоочунун эмнеси болсо да штабга жетүүгө бел байлап, жөө келе жатканынан башталат. Булар- күндүн ысыгына карабай партиянын тапшырмасын аткарып жүргөн адамдар. Бир сөз менен айтканда жазуучу төрт жолоочунун жөө келаткан сапардагы ой жүгүртүүсүн, кыймыл аракетин жан дүйнөсүн көрсөткөн. Каармандар Мамбет, Мария, Николай жана дагы бир адам. Булар инжинерлер. Мамбет өкмөттүн тапшырмасы боюнча мындан бир нече ай илгери, Кызыл Кыя кенине келген. «Жумушчу срогу бүтүп эми жолго чыгайын деп жатканда, борбордон: «токтоосуз Отуз Адырга жөнө» деген телеграмма келип калды. Ошону менен ашыгып ат арабага түшүп Горчаков, Анжыян айланып отуруп, кечээ күн батарга жакын Ошко келип түшкµн болчу» [15.223]. Автор Мамбетти окурманга тааныштырат да, башка каармандарды булардын өз ара сүйлөшүүсүнөн көрсөтөт.

«Эртең менен жолугушканда өзүн инженер деп тааныштырган, мурдунун учу жедеп күнгө күйүп, түлөгөн жылаандын кабыгындай туурулган, жоон-жолтоңураак жаш аял алдыраак кетип баратып, бир кезде саал күтүп туруп, Мамбетке катарлаша түштү да:

-Сиз чарчадыңызбы?-деди көзүнүн кыйыгы менен күлүмсүрөп.

ошол замат буйдалбастан, ойлонбой-этпей:

-Биз көнгөнбүз,-деди инженер кыз.-Сиз али көрө элексиз го. Узундугу баланча метр каналды күнүнө төрт-беш кыдырып жүрүш деген [15.232].

Элебаевдин көркөм чеберчилиги катышуучулардын сүйлөшүү процессин чагылдырган диалогдордун түзүлүшүндө ачык чыккан. Бул келтирилген текст үзүндүсүндө Мариянын жүзүнүн шартка байланыштуу «мурдунун учу жедеп күнгө күйүп түлөгөн жылаандын кабыгындай туурулган» портретик бөтөнчүлүгү каармандын индивидуалдуулугун түзүү менен турмушка шайкеш, ишенимдүү сүрөттөлгөнүн көрсөтүп

жатат. Портреттик деталь каармандардын физиологиялык жана рухий дүйнөсүн, күнүнө узун каналдарды, 4-5 жолу кыдыруусундагы эмгектеги чыдамкай касиеттерин белгилеген көркөм текстти жаратуудагы психологиялык реализм. Мындагы дагы бир портретик штрих каармандык көз караш. «Мариянын көзүнүн кыйыгы менен күлүмсүрөп сүйлөшү. Мамбеттин жүзүнөн бир нерсени окуу, аны түшүнүүгө аракет кылуу. Дегеле көз караш адамдардын өз ара мамилесин, ички дүйнөсүн билдирүүдө чоң роль ойнойт. Мамбеттин жайкы ысыкта кийген кышкы пальтосу, мунун баары окуянын сюжетин түзүп, андан ары өнүгүшүнө шарт түзμт. Ал эми диалогдун түзүлүшү Страховдун эмгегине таянуу менен изилдегенибизде сүйлөшүү учурун күткөн паузадан башталып ангемелешүүгө өткөн Мамбет менен Мариянын өз ара мамилесин түшүндүргөн психологиялык жакындык диалогу болуп саналат[64.26] .
Каармандардын ички дүйнөсүн билүүгө жардам кылган психологиялык деталдар окуянын жүрүшү менен андан ары өнүгүшүнө көмөк берет. Төмөндөгүдагы бир бөтөнчө диалогдук түзүлүшкө көңүл буралы.

-Ээ, Мария Семеновна!-деди Мамбет эски таанышынан бетер, ийнине арта салып таштаган пальтосун оңдой берип:-Мени көрүп турганыныз бүгүн го?

Ушундан кийин Мамбеттин баягы кан күйүп турган замандарда, береги өзү көрүп келаткандай нечен ууру коктуларда жоо колуна түшүп кала жаздаганы, бир жагынан басмачылар менен алышып, пахта даярдоодо жүргөн; бирде атты-төөлүү, бирде калдайган кош дөңгөлөк арабага түшүп, кыштактан-кыштакка тынымсыз арта бергени; бир жылы Майлы-Сай деген басмачылар көп чабыттай турган, эн четки сельсоветтин милдетин алып жайында келген бойдон өнөктүктүн акырына чейин турганы; эки жолу Сүлүктү көмүрүнүн үзгүлтүгүн жоюуга жиберилгени заматта көз алдынан жамырап өттү. Эски, тааныш жерди көргөндө ушулар эсине түшө кетип ичинен акырында мындай деди: «Баары да биз баскан жер… Азыр эмне? Ошол күндөрдү кагазга түшүр десе бир жазуучунун өмүрү жетпес эле…Ата-эне берген тарбиядан турмуш өзү берген тарбия он эсе артык. Мээнет кыл күрөштө, жүр-максат ошол» [15.223]. Дегеле каармандын ички жан дүйнөсүн билдирген кепке же болбосо диалогдон монологко өттү. Автордук баяндоодо мамлекеттик иш менен бир нече ай үй бетин көрбөй жүргөн Мамбеттин бүтүндөй өмүрүн автор кыска текст менен берди. Автор башкарган тексттен бүтүндой бир адамдын өмүрүнөн кабар берилди. Мындай жагдайларга байланыштуу Чернышевский «Сжатость-первое условие эстетической цены произведения, выставляющее на вид все другие достоинства» [17.345] деген корутундусу Элебаевдин кыска жазылган аңгемелеринин көркөм баалуулугуна тийиштүү келет. Ошондой эле аңгемеде каармандардын өзүнө тийешелүү мүнөздүк өзгөчөлүк бар. Мария чыйрак, аял киши болсо да чарчаганына карабайт. Дагы бир

каарман Николай, мунун аты аңгеменин соңунда гана билинет. Анын кебетесине тийиштү автордук сүрөттөөдө өзгөчө белги бар. «Мамбет менен мурда таанышып, Оштон жөнөгөндөн аңгемелеш келген өзбекчеге суудай, арпа-токочтой боппоз, тоголок бет, марчайган жапалдаш бойлуу инженер»[15.233].

-Бүгүн машина кандай кем жүрөт десем дем алыш турбайбы,-деди бир кезде марчайган инженер эсине жаңы түшкөндөй [90.234].

«Диалог -өз алдынча түнт түзүлүш. Бирок диалог өз алдынча да эмес, диалог баяндоого кирет. Ал баяндоодон көз каранды жана анын шартында колдонулат» [14.125],- деп Одинцов белгилегендей, диалогдун түзүлүшү автордук баяндоо түзүлүшүнө жараша болот. Жогорудагы диалогдордон социалдык турмушту камтыган проблемалар көтөрүлдү. Элебаевдин чыгармаларындагы диалогдор кадимкидей табигый чыгышына анын өзүнө тиешелүү мүнөз жана кыймыл аракет бар. Биз белгилеген Николайдын кебетесине тиешелүү «марчагай» деген сөздүн колдонулушу бир жагынан көркөм функцияны аткарса, бир жагынан портреттик өзгөчүлүк, өйдөдө сөз кылганыбыздай Элебаевдин психологиялык анализди колдонуу чеберчилигинде көпчүлүктүн психологиясын көрсөтүүдө чоң жетишкендиктерге ээ болгон, бул аңгемесинде да катышуучулардын пикир алышуусун өз ара мамилесин, иш аракеттеринин диалогдук түзүлүштө суроо-жооп, диалог сүрμттμμ менен чагылдырып берген. Чыгармадагы белгилеп кетчү нерсе-Мариянын өзүнчө бөтөнчөлүгү, Никалайдын, Мамбеттин жада калса курсагы ачып басууга алы жок, бирок жолдошторунун деми менен бараткан тартайган сары жигиттин психологиясын көрсөтүүгө жетишкен. Акыры кандай кыйынчылык, караңгы болсо да көздөгөн штабка жеткен каармандар аңгеменин сюжеттик сызыгында диалогдук түзүлүш менен аягына да чыкты.

Ушуга үндөш эле жазуучунун дагы бир аңгемеси - «Алыскы тоодон». М.Элебаев бул аңгемесинде согуш мезгилиндеги тоолуу райондо жашаган элдин жашоосун жана согуштан эч нерсени аябаган эмгекчи элдин майданда жүргөн жоокерлерге колдон келген жардамдарын жөнөтүп жатканы жөнүндө болот. Жазуучу бул аңгемеси менен элди бир эсе патриоттуулукка чакырса, бир эсе реалдуу турмушту чагылдырган.

«Жолдо» аттуу аңгемеси Пишпекке бара жаткан лирикалык каармандын баяндоосу аркылуу өнүгөт. Каарман алыскы Пишпекке жөнөөчү темир жолдун ашканасынан өңү тааныш адамына жолугуп, ал экөөнүн аңгемелешүүсүнμн улам кыркынчы жылдардагы бардык жагынан өнүгө баштаган кыргыз элинин турмушунан кабар берилет. Мисалы, төмөндөгү диалогдо:

«Бул дүйнөдө транспорт жагынан биздин алдыбызга чыккан мамлекет жоктур,- деп Касен да бир аз аңгемеге катышып барып кала берди.

-Курулуштанчы? үй салганданчы?- дедим мен. -Кечээ бир күн өлгөн

адам бүгүн тирилсе, Пишпек бул эмес дээр эле…» [15.379]

Кыска сюжетти камтыган аңгеме негизинен аты аталбааган каармандын монологу, ички жан дүйнөсү өткөн өмүрү жөнүндөгү эстөөсү менен өнүгөт. «Уйку соонун арасында теңселип баратып мени кыял басты…баягы бир заманда Караколдон биринчи мертебе сапар чегип, киши бою келген эки челек зыгыр майы бар «падвод» менен тогуз күн дегенде Пишпекке  зорго жетебиз. Бирде кайнаган ысык, бирде жаан чачын аралаш эки челектен арткан орунду үч бала талашып, кысылып урушуп, келер келгенче тизебиз  бир жазылган эмес. Бүгүн такыр бөлөк, падвод түгүл машина каттатып койгон. Береги Боом Капчыгайында от араба зуулдап агып бара жатты. Жарым ачылган терезеде чачы желбиреп кетип бараткан ак саргыл кыз:- «Ысык-Көл»деди бир кезде күлүмсүрөп…

Селт эте калып, бүлүнү түшкμн кыялга дагы кеттим. Ошондон бери канчалык жол басканбыз?..» [15.381]. Каарман өткөндөгү бала күнүндө көргөн күнү менен азыркы турмушун салыштырып өзү менен бирге коомдо болгон өнүгүүнү өзүнүн жашоосундагы алга умтулуусун, адам жашоосу менен турмуш чындыгын, өзүн өзү жана дүйнөнү таануу процессин психологиялык анализдин формасы монолог аркылуу ишке ашырып жатат. Каармандын мындай өткөн өмүрүндөгү ассоциативдүү эскерүүлөрү, турмуштук жыйынтыктарды чыгарган тартиптештирилген ойлорун монологдун эскерүү түрүнө киргизсек болот. «Жолдо» аңгемесинин бөтөнчөлүгү кыска сюжетте бир эле каармандын ички дүйнөсү аркылуу ошол шартты чагылдырган элдин турмушу таасын сүрөттөгөн  артыкчылыгында десек болот. Автор аңгемелеринде өтө курч окуяларды сүрөттөбөйт, ал болгону каармандын мүнөзүн түзүүгө жетишүү менен образдын ички дүйнөсүн ачып бере алган чеберчилиги менен өзгөчөлөнөт. Мисалы, анын аңгемелеринин ичинен өзгөчө психологиялык аспектиде жазылган  «Соңку бир күн» чыгармасы бөтөнчө. Чыгарманын сюжети автордук бандоонун негизинде өнүгөт. Окурманды тамшандырган деле чиеленишкен окуялуу сюжет жок. Аңгеменин мактоого алаарлык жагы психологиялык анализдин каражаттары аркылуу каармандардын ички дүйнөсүн ачып бергендигинде жатат. Аңгемеде эки каармандын тагдыры таптакыр эки башка, тааныш эмес адамдардын  капысынан кезигип калып алардын ортосундагы жылуулук мамилеси, бири бирине болгон сүйүүсү, жактыруусу жөнүндө болот. Каармандын бири Кенжегул Сайкал аттуу келиндин агасынын үйүнө жатып, мамлекеттин тапшырмасы боюнча элге доклад окуп жүрөт. Эркектик шоктугу менен жаткан үйүндө оокат кылып жүргөн жаш келинге көзү түшүп калат. Ал ыгы келе калган учурда келинди сөзгө тартып анын жашоосу жөнүндө сурайт. Сөз арасында келин күйөөсүнөн эки жыл мурун жесир калганын, ал жашоосу деле жыргаган турмуш эместигин, ата-энеси эскиче келишип акылы бөксө оорукчан немеге багын байлап коюшканын айтат. 21деги  жаш келиндин

ички  дүйнөсүнө, жашоого болгон көз карашына, тарсылдатып оокат кылганын аңдып отуруп Кенжегул жактырып калат.  Анын бул сезими эркектик делебеси менен тийишип көрүү эмес чын көңүлүнөн чыгат. Бул сезимин билгизер -билгизмексен болуп Сайкалга табышмактатат, тамырын тартат. Келин деле мамилесинен көздөрүнүн коюлуп, сызыла карашынан улам анын деле Кенжегулга болгон жылуулугу байкалат. Кенжугул деле турмушунан аксап жүргөн адам. Экөөнүн тагдыры окшошуп да кетет.

Каармандын кеби жана диалог жөнүндө сөз козгоодо Л.Я.Гинзбургдун эмгегине кайрылбай койбойбуз. Ал психологиялык анализдин каражаттарын анализдеп бир учурда дүйнөлүк адабияттагы ар кыл чыгармаларды анализдөөдө Гинзбург Толстойго чейинки романдардын каармандарынын кебин жазуучунун алдына койгон максатына ылайык болгон деп белгилейт. Адамды түшүнүүдµ жана сүрөттөөдөгү Толстойдук төңкөрүш, аны сөздө чагылдыруудагы төңкөрүш болгон. Сөз өзүнүн сюжеттик сызыгында мүнөздү айгинелөөчү тапшырмаларды аткаруу менен ошол эле убакта жашоону дал өзүндөй анын табигаттан сырткаркы закон ченемдүү кубулуштары менен кабыл алуу, жалпы жашоону таанууга умтулат. Сүйлөшүү- жашоо агымынын бир бөлүгү. Кеп  дагы ушул сыяктуу эле чагылдыруунун, көркөм изилдөөнүн предмети. Адамдын бардык муктаждыктарын аткаруу менен эле кеп чыгармада ички сырткы дүйнөнү ачып берүүдө, каармандырдын турмуштук шартын сүрөттөөдө эн чөң кызмат аткарат.

«  Нечедесиз?-деди Кенжегул жасап жаткан папиросун шилекейлеп.

-Жыйырма бирде.

-Күйөөңүз барбы?

-Бир кезде болгон

-Ал киши бүгүн?..

-Токолуна күйөөлөп кеткен.

-Ойнобой айткандачы?

-Айтарлык тамашасы деле жок.

-Ошондо да?

-Биз ал өмүрдү сүрүп деле жыргатпадык окшойт. Ата-энебиз эскиче келишип коюп, көңүлүбүз жок бирөөгө берген экен. Анысы да мээси бөксөрөөк неме болчу. Кыргыз чалагайым дечү беле. Куландан соо туруп эле кыйкылдап чыйкылдап барып, көзү акшыйып жатып калчу. Бир азап! Зили ошондой болду көрүнөт, мен баргандан кийин эки жылга жетпей өлүп калды… Ушул жерге келгенде муңайгансып барып терен улутунуп алды»[92.383-384].

Аңгеменин сюжеттик сызыгында автор экөөнүн көз караштарынан, билинбеген  мимикалык кыймылдар аркылуу бири бирине болгон сүйүүсүн булардын диалогдорунда, ички кебинде чеберчилик менен чагылдырып берген. Аңгеменин аталышы эле айтып тургандай  Кенжегул

так кайтар соңку күнүндө кезиккен Сайкал экөөнүн мамилесин автор образдуу түрдө дал турмуштагыдай сүрөттөйт. Ошентип, бул экөө коштошуп кала берди. Бирок булардын ички сезимин адамдык андан аркы умтулуусун төмөндөгү автордук баяндоо менен бүтүрдү: «Бир кырга чыгып, эңкейе бererде кылчая түшүп, Сайкалдын айылын соңку мертебе бир карап алды да, ошо бойдон көздөн кайым болду._Бирок мунун көңүлү бошоп бараткан жок. Кайта жумушка жаңы кирген баладай өмүр кызыгы мурункудан артып, кээ бир күңүрт ойлорунун быт чытын чыгара жаңы күч, улуу кайрат киргендей зор талап менен кетип бара жатты. Жоо жеңилип, ушул сапардан эсен кайтчу болсо, чын бактылуу күн туулчудай көрүнүп, демейде байкас албаган Тянь-Шань тоолору, жар таштары бүгүн алда немедей жакын учурап турду» [15.388-389]. Кенжегулдун жан дүйнөсүндөгү сүйүү сезими анын бүт турмушуна өзгөрүү киргизди, анын ички дүйнөсүндөгү эмоциялык толкундоо, жашоосундагы жанылык дүйнөнү бөтөнчө таанууга, өзүн өзү баалоого жол көрсөттү жана «демейде байкас албаган» Тянь-Шань тоолору, жар таштары чоң дем берип анын ички сезимине ого бетер толкундоо жиберди. Элебаевдин көркөм прозасында жаратылыш менен адамдын ички дүйнөсү жашоонун турмуштук шарттарынын жанылыктарынан гана көз каранды болбостон, өз алдынча өнүгүүсү менен чыгармага ылайык каармандарга психологиялык мүнөздөмө берүүдө маанилүү экен.

Мукай Элебаевдин чыгармачылык чеберчилигинин «туу чокусу» деп белгилөөгө негиз бар көркөм чыгармасы - «Бороондуу күн». Жазуучунун башка прозалык чыгармаларынан мейли сюжет курулушунан, мейли каармандын мүнөзүн түзүү өзгөчөлүгүнөн болсун, жогорку чеберчиликте жазылган ажайып бир өзүнчө көркөм жаралыш десек болот. Анткени аңгеменин бөтөнчө жазылган көркөм чыгарма экенин буга чейин эле бир катар изилдөөчүлөр К.Асаналиев, С.Жигитов, Е.Озмитель, С.Байгазиев, О.Сооронов жана башкалар белгилешкен.

Аңгеме лирикалык Мендин качандыр бир өткөн жашоосундагы бир күндү эскерүүсү менен «кай жыл экени жадымда жок, январь айынын бир суук күнүжол жүрүп келе жатып, кеч кирип бараткан кезде, бир үтүрөйгөн боз үйгө бурулдум» [15.109], деген каармандын дароо эле окуяга киришкен баяндоосунан башталат. Окуянын кайсы мезгилде болгонун баяндоочу тарабынан так берилген эмес, бирок аңгеменин сюжеттик түзүлүшүнөн улам революциядан кийинки жылдарда болгону билинет. Жетимчилик менен жокчулуктун айынан кышкы карды-бороондо жол жүрүп бараткан каарман кечтин кириши менен жолдон чарчап «бир кашаттан түшө берище, сарайчанын жанында жалгыз турган үтүрөйгөн боз үйгө кайрылат» [15.109]. Бул үйдө эки үч эркек, үй ээси, аял, анын кызы жана жетимиштен ашкан бир кемпир бар эле. Келген кишиге эч ким көңүл бөлбөйт. Бирок кет деп да айтпайт. Кадимки эч нерсе болгондой, баарысы

кайдигер. Мына мунун баары кμнүмүш адаттай. Анткени ал жылдары арып-ачып тентип жүргөн кыргызды күнүгө жолуктурмак. Ошолордун бири - бул бала. Аттары аталбаган каармандар өткөн кеткенден кеп салып отурушат. Келген бул балага назарын салган карыган кемпир гана болот. Ушул жерде чыгармада каарман менен кемпирдин жекече типтүү образы түзүлөт. Жалгыз кемпир гана боорукер, меймандос. Адамдагы улуу сапат-улуулук, адамгерчилик турмуш кандай болбосун бул кемпирде сакталып калган. Жазуучу мындай көрүнүш менен карапайым кыргыз элинин кандай катаал заман болбосун кудайы конок адамга кет деп айтпаган меймандостугу көрсөткөн. Жазуучу окуяны чиелеништирип сүрөттөбөйт, болгону ал дал турмуш чындыгын мыкты сүрөткерлик таланты менен ошол кыйынчылык күндөрдү кудум эле өзүндөй кылып көз алдыбызга образдуу тартып койду. В.В.Вересаевдин кыска аңгемелерин изилдөөдө Бабушкин мындай факторлорду терезе менен салыштырып «Заглянув в которое можно увидеть всю комнату :в коротком рассказе это окошечко становится уже простой форточкой» [3.197] дегендей, Элебаевдин «Бороонду күнү» чыгармасынан бүтүндөй кыргыз элинин турмушунан бир элес көрүүгө болот. Бирок мындан «Фотографтарча бир жолку окуяны муздак айнекке түшүргөн деген корутунду чыкпайт» [1.15] деп К.Асаналиев айткандай автор жөн гана реалдуу турмушту жана анда жашаган адамдардын ички дүйнөсүн, психологиялык кулк-мүнөзүн жогорку чеберчиликте көрсөткөн.

«Жетимчиликти көп тарткан экенсиң«Тескейге» баратам дедиңби?

-Ооба

-Ата-энең качан өлгөн?

-Көп жыл болду…

Кайра ошонуң жакшы, кулунум. Энең байкуш болсо, сен ушинтип жүргөндө «Балам алда кандай болду экен» деп санааркабайт беле… Дүнүйө чиркин алмей-селмей оошуп турган неме. Акыры өлбөсμң сен да бир күн жетилип кетээрсиң. Түнүчүндө көзү кургуру да көрбөйт. Болбосо тизеңдин береги жерин бүтөп берет элем. Чокоюң да суу» [15.111]. Келтирилген үзүндүдөгү каармандардын сүйлөшүү кебинен алардын ички дүйнөсү, дегеле кемпирдин мээримдүлүгү, кайрымдуу мүнөзү ачылат. Ал жөнүндө С.Жигитов: «Ал образ аркылуу жумурай журттун башына калайман түшкөндө, тентип терүү, жокчулук-карыпчылык көпчүлүктүн пейли куюн кескин өзгөрткөндө да эл ичинде боорукердик сапаттарын сактап калгандар боло турганын баса көрсөтөт» [8.254] деп, таамай айтканы жөндүү жана ушул кемпир аркылуу каармандын өзүнүн ички психологиялык абалы так даана реалдуу көрүнөт. Бул үчүн автор ылайыктуу көркөм психологиялык деталдарды туура колдонгон. Каарман жетим, жедеп турмуштун запкысын жеген, кийими жыртык, чокойу суу. Бул көркөм деталдар психологиялык анализдин көркөм функциясын гана

аткарбастан, чыгарманы реалдуу, психологиялуу экенине ынандырат. Үй ичиндеги жашоо кыймылына көз салып байкап отурган каарман: Коноор конбосум али ачылган жок. Үй ичи тар, адамы көп. Балким, мынабу казандагы тамак ичилгенден кийин бирөө «Чырагым, эми жайды көрүп турасың» дей турганын ким билди. Мага келгенден ыкыласын салып отурган кемпирдин колунда бийлик жогун адегенден эле байкагам, айтор не болсо да, бул жагынан капарында жок кишидей камарабай отура бердим. Анткени мындайды бүгүн эле көрүп отурган жан эмесмин го!» [15.111].

Мына каармандын ички психологиялык абалы. Ал баарына көнгөн, баарына даяр. Ушул жерден аңгеменин коюлган темасына кайрыла кетсек туура болоор. «Бороондуу күн»аталышынын өзү эле символикалуу. Бороондуу карда жөө жүрүп чаалыккан каарман жылуулук издеген жакшылык үмүт менен бул боз үйгө кайрылып отурат. Бирок бул үйдө деле жыргаткан эч теме жок. Кайра каарманга «Эшиктин ар кай жеринен зыркыраган борошо так менин тонумдун жыртыгын көздөп тургандай коолдоп, бир капталым муздап отурду» тамак желип бүтүп жатаар мезгил да келди . Ал эптеп арткан бир тердик менен коломтого жакын улагада уктоого жатат. «От өчтү… Үй жер кепедей караңгы. Жымжырт. Жалгыз гана кыштын улуган бороондун күчү менен илдибары кеткен жаман үзүк делпилдеп, үзүктү сабап турду» [15.112]. Мына бул келтирилген текст үзүндүсү жөн гана пейзаждык сүрөттөө болбостон, каармандын жан дүйнөсү менен бүтүндөй кыргыз элинин оор күндөрү, дагы далайга бороондой бир топко кетпеген жокчулук, кыйынчылык замандын добулбасын билдирген пейзаждык элес, чыныгы турмуштук сүрөттү чагылдырган картина.

Биз бул сөз кылып жаткан бороондуу мезгилди анализдөөдө аңгемеге катышкан эки образ менен билип жатабыз. Образдын мүнөзүн жана сюжет курууда жазуучу психологиялык анализдин көркөм каражаты болгон портреттик штрихтер жана мунун баалуу формаларынын бири адамдык көз аркылуу каармандын жан дүйнөсүндөгү сары-санаа, убайым чегүүнү көрсөтүүгө аракет жасаган. Кемпирдин портрети: «Бул да бир күн унут болоор, балам көргөн билген баары тең артта калмак, мал да, дүнүйө да эч кимге упа болбойт…

Ушундан кийин көпкөк тарамыштары саналып турган, калтыраган, этсиз арык колундагы жыгач менен отту көсөп жиберип, шол жерге мелтиреп кадалып, тынып ойлоно калган каргылданган көзүнө: «Эми бул жалгандан менин кетериме да көп калган жок»деп айтчу кишидей кескин бар эле. Бирок мындайды кемпир бир айткан жок. Кадалган ойдун артынан козголуп коюп, куураган чачынын арасына кол жүгүртүп, кежигеге чейин кашып алды» [15.112].Келтирилген үзүндүдөгү психологиялык деталдар кемпирдин жашоосун, анын мээримдүүлүгүн, жыргап кетпеген турмушун

көрсөткөн этсиз арык колдору, мелтиреп кадалган көзүндөгү сыр эмне деген психологиялык мүнөздөмө. Жазуучунун сүрөткерлиги жөн эле анын сырткы кебетесин эмес, ички терен рухий дүйнөсүн ачып бере алган талантында турат.

М.Элебаев чебер пайдалана алган деталь сюжеттин өнүгүшүнө жана каармандын образын ачууда чоң роль ойнойт. Чыгарманын мазмунунун маңызын, маанилүүлүгүн көрсөтүүдө жазуучу пайдаланган деталь сөзгө караганда окуяны жандуу, элестүү, психологиялуу кылат. Мисалы: «Табак төрдөгү эркектерге гана тартылды. Мага бир арканын омурткасы тийген. Койдуку. Үйдүн аялы өзүнө алып калган бирдемесин  жулкуп жеп, күйпөңдөп казандын жанына каралап отурат.

-Отту жарыгыраак кылып койгулачы? - деп бирөө чулчуңдап чайнап жатып эшик жактагы кемпир экөөбүзгө карай буйрук этти. Бул арада мындан бөлөк унчуккан киши болгон жок. Жалгыз секелектүү кыз колундагы кар жиликти чагам деп убараланып жатканда:

-Сый чабасың, түгөнгүр, кой-деп ачууланып, энеси керкини колунан алып койду.

Мен жалгыз омуртканы мүлжүп, таштай берип, калганым менен табактын эти да кµп эмес эле туш туштан жабылган ооздор табактын үрөйүн учуруп, бир дем калтырбай отоп жиберди»[15.112]. Элебаевдин деталдары ички маанилүүлүгү менен өтө бай. Деталдар жөн эле сүрөттөлүш үчүн ойдон чыгарылбастан, а окуяга жараша психологиялуу жана социалдык турмушту каармандардын ички психологиялык абалын билдирүүдө таасир калтурчудай сүрөттөлгөн. Деталдар-үтүрөйгөн боз үй, боз үйдү каптаган бороон, этсиз арык колдуу кемпир, жыртык шым, суу чокой, үрөйү учкан табак, адамдык үмүтү өчпөгөн каарман аңгеменин сюжетин куруп, ошондой эле каармандардын жекече мүнөзүн түүп, чыгарманын көркөмдүк деңгээлин көтөрүп жана реалдуу турмуш үзүмүн көрсөттү. Ошентип карман бул түндү да өткөрүп эртеси бул жөнүндө: «Үйдөн адам серпиле электе туруп алып, жолго түштүм. Мунумду кечөөкү мээримдүү кемпир да билбей калды. Аны кетерде бир байкаганымда колу-бутун мышыктай чогултуп, уйпаланган жүдөгөн башы койнуна думбаланып, мууздалган малдай кыркырап жаткан эле»[15.11].-деп кемпирди да бир жолу карап өткөн каарман аны бекеринен мууздалган малга салыштырган жок. Кемпирди бу турмуш жедеп болушунча уйпалап бүткөн эле.

Ошентип, аңгеменин акырында каарман «тышка чыксам бороон басаңча тартып калган экен. Бирок күн али бүркөк.  Кантсе да кечке жетермин деп, тээтиги көк тиреген, мунарган ак кардуу бийик заңгелди бет алып, бир талаада кетип бара жаттым» Жазуучу бул турмуштан запкы жеген каарманды минтип ак карлуу бийик заңгелди көздөй жөнөттү. Мында өзүнчө символ бар десек болот. Жакшылыктан үмүт үзбөгөн

каармандын келечеги ошол бийик көк тиреген ак кардуу тоолор жакта. Акыры бороон да басылмак. Түз айтканда жашоо оңолууга мезгил жетмек. Ушул жерден С.Байгазиевдин: «Бороонду күнү» ар кандай заманда жашай бере турган, карыбай турган, түбү түптүү көркөм мүлк. Мен кылчактабай айтаар элем, Мукай Элебаев башка эчтеке жазбай, жалгыз ушул «Бороондуу күндү» калтырып кеткен күндө да кыргыздын чоң жазуучусу болуп калмак экен» [4.30] деп айтканы талашсыз.

М.Элебаев «Төрт жолоочу», «Алыскы тоодон», «Малай артели», «Жолдо» жана башка аңгемелеринде эмгекчи элдин жашоосундагы алга умтулуусун, кандай кыйынчылык болбосун күрөшүүгө даяр экендиктерин көрсөтө алган. Автор каармандардын образын жаратууда индивидуалдуулукка умтулбастан, а жалпы элдин, бир эле психология эмес, көпчүлүктүн иш аракетин, ой максатын чагылдырган. Жогорудагы биз талдаган аңгемелердеги каармандардын жалпы иш аракеттеринин максаттуулугун, эрктүүлүгүн көрсөтүү менен, индивидуалдуу психологиялык бөтөнчүлүгүн да берүүдµ чоң жетишкендиктерге ээ болду. Жазуучунун мындай чеберчилиги анын коомдогу тарыхый кырдаалдар жана өнүгүүлөргө өзү катышып, бир жагынан жазуучу катары байкоочу, дагы башка жагынан адам катары өз заманына тийиштүү турмуш төңкөрүштөрүнө күбө болду. Андыктан автордун рухий өнүгүүсү эң чоң коомдук жаңылыктар менен коштолгон. Ошондуктан Октябрдын жеңиши, колхоздоштуруу, Улуу Ата Мекендик согуш, өлкөдөгү алга жылуу, баарысы анын чыгармачылык изденүүсүнө, баштан өткөргөн кайгы кубанычын жазууга түрткү болгон жана мындай жагдайлар зор таасир берген.

## Корутунду

М.Элебаев кыргыз жазма профессионал адабиятынын негиздөөчүсү катары дайым адабият тарыхынын алдыңкы орунунда болуп келээри шексиз. Тарых барактары жазуучунун көп кырдуу талантынан кабар берип, көпчүлүккө белгисиз жактарын ачып берип жатат. Кечээ эле М.Элебаев новатор акын, прозаик катары белгилүү болсо, бүгүн куудул, обончу, драматург жана кыргыз адабиятынын түптөлүшүнө зор салым кошкон жазуучу. Бүгүнкү тарых анын көркөм адабият үчүн өз мезгилинде согушка каршы чыккан жалгыз жоокердей эле жанын аябай күрөшкөнүн күбөлөп отурат. Замандаштарынан өзгөчөлөнүп адабият жаны гана

телчигип баштаганда эле жазуучу анын ыгын түшүнүп адабият кургак агитацияны эмес, чындыкты көрсөтүүчү көркөм кубулуш экенин айтып басма беттерине далай жолу сын-макалаларды жазган. Анын мындай адабияттын түптөлүшү үчүн жазган адабий сын-макалалары кыргыз адабият тарыхында сынчы катары да көрсөтүп, изилдөөнүн өзүнчө обьектиси болот. Ал эми аны көпчүлүккө тааныткан акындыгы, поэзиясы бүгүнкү күндө кандай деген суроо туулбай койбойт. Акындын поэзиясы дайыма адабият тарыхында алгачкы жазылган ырлар катары айтыла берет. Бирок чын чынына келгенде поэзиялык чыгармалары ошол учур менен гана калды. Эң негизгиси Мукайдын акын катары поэзияда салган чыйыры олуттуу. Ошол салынган чыйырда бүгүн не деген көркөм туундулар жаралып жатат. Мүмкүн ал согушка кетпегенде 1930-40 жылдардагы чыгармачылыгын андан ары өркүндөтүп, мыкты акын болмок. Ошентсе да анын кыргыз жазма профессионал адабиятын негиздөөгө кошкон салымы чоң. Өзгөчө, ал 1930-40 жылдарда адабият чөйрөсүндө ээлеген саясий-адабий күрөштө келечекте да өз маанисин жоготпогон адабияттын жаралышы үчүн бардык чыгармачыл күчүн жумшаган.

Жазуучу адабиятка астейдил мамиле кылып, кайра кайра тажабай иштеген эмгегинин аркасында жана өзүнө билинбеген менен башка элдердин адабиятынан алган таасирдин натыйжасында табиятынан жаралган тубаса сүрөткерлик таланты менен кыска чыгармачыл өмүр жолунда өз мезгилинин элестерин чагылдырган «Төрт жолоочу», «Жолдо», «Алыскы тоодон» аттуу аңгемелерди жаратып койгон. Бул аңгемелердеги белгилей кетүүчү маанилүү жагдай тексттин кыскалыгы жана ошол кыска тексте каармандардын жашоолорунан кабар берилип ошол мезгилдин демин элестүү чагылдырат.

Жазуучунун чыгармачылыгын изилдөөдөн улам «М.Элебаев-аңгеменин чебери» деген жыйынтыкка келдик. Анткени анын аңгемедеги чеберчилигин көрсөткөн «Сонку бир күн» жана «Бороондуу күн» чыгармаалары жазуучунун улуттук кыргыз адабияты тарыхында психологиялык прозанын эң алгачкы баштоочусу экенин айгинелейт. «Соңку бир күн» же «Бороондуу күн» чыгармалары мейли сюжет курулушунан же каармандардын ички дүйнөсүн ачып алардын мүнөзүн көрсөтүүдө болсун, деги эле аңгеменин курулушуна тийиштүү көркөм эстетикалык ачылыштар азыркы адабият таануудагы жетишкендигиндей эле чагылдырылган. Элебаевдин чеберчилиги кармандардын портретин түзүүдө чыгат. Анын каармандары куду аларды жанынан көрүп тургандай образдуу келет. Бирок мындай айтыш каармандын сырткы эле турпатын сүрөттөп койушунда эмес, ошол эле маалда анын ички дүйнөсү, психологиялык абалы, рухий өнүгүүсү менен чагылдырат. Элебаевдин каармандары кайталангыс. Алар бир калыпта турбаган дайыма өнүгүүдө, изденүүдө жүргөн каармандар. Бул өзгөчө анын «Узак жол» романында

лирикалык  каармандын эч нерсени түшүнө элек он бир жаш бала курагынан баштаган жашоосу дайыма турмуштун жокчулугунда, карама-каршылыктуу татаал шарттарында, ак менен каранын күрөшүндө өлбөс үчүн тирлик кылган күндөрүнүн тизмегинде көрсөтүлгөн. Мына ушундай өткөн күндөрдө баланын боорукердиги, кайраттуулугу, чыдамкайлыгы, рухий ой-толгоосу, нравалык изденүүсү, үмүт үзбөгөн келечеги психологиялык анализдин аспектисинде изилдөөгө, каармандардын ички дүйнөсүн жана анын тегерегинде өткөн окуяларды изилдөөгө алып барат.

Мукай Элебаев кыргыз  профессионал жазма адабият тарыхында биринчилерден болуп роман жанрына негиз салган.  «Узак жол» романы болгондо да адамдык тагдырды, жашоонун татаал жагдайларын сүрөттөгөн психологиялык чыгарма. Мындай пикирге романдын көркөм курулушунан, жазылыш стилинен улам келип, азыркы адабияттагы негизги проблеманын бири психологизм маселесинде кароого шарт түзүү менен улуттук адабиятта алгачкылардан болуп психологиялык романдын баштоочусу экенин көрсөттү.

«Элебаев - мыкты портретчи» деп изилдөө ишибизде белгилегендей, анын каармандарынын  ар бири портрети, кыял-жоругу, кулк мүнөзү, кубануу-кайгыруусу бар  адамдар. Каармандын образын ачуудагы портрет негизги каражаттарынын бири катары колдонулган. Ошондой эле  романда каармандын учурдагы жашоосу, кыялдануусу, толгонуусу, убайым сары-санаасынан кабар берген психологиялык анализдин дагы бир каражаты монолог да кенири түрдµ кезигет.

Каармандын ички дүйнөсүн ачууда Элебаев чебер колдонгон көркөм деталдар да чоң кызмат кылган. Жазуучунун деталдары бир жагынан окуянын чындыкка шайкеш экенин ынандырса, экинчи жагынан ошол учурду, жашоонун мыйзам ченемдүүлүгүн чагылдырып, дагы бир жагынан каармандын ички психологиялык абалынан кабар берет. Бул өзгөчө «Кыйын кезең» повестине тийиштүү келет. Бирок Элебаев майда барат нерселерди ыгы жок эле сүрөттөй бербестен, ар бирин өз орду менен колдонгон. Мындан чыгарманын көркөм баалуулугу артып, жазуучунун индивидуалдуулугу бөлүнгөн.

М.Элебаев прозалык чыгармачылыгы толук бойдон психологиялык анализдин аспектисинде изилдөөдө улуттук адабиятыбызда психологиялык прозанын баштоочусу катары психологизм проблемасынын эң алгачкы төмөндөгүдөй элементтерин жарата алган.

1.Монолог же каармандык кеп
2.Диалог
3.Портрет
4.Пейзаж
5.Кµркµм деталь жана башкалар.

Бул эмгек Элебаевдин прозадагы чыгармачылык ишмердүүлүгүн көрсөткөн бир гана изилдөө .Ал эми анын он тогуз папкадан турган кол жазмаларынын али чети оюла элек. Анын сындары, зор драматург экенин көрсөткөн «Тартыш» пьесасы жана дагы майда сценка, интермедиялары эле өзүнчө бир изилдөө болот. Ошондой эле анын котормолору да кызык.

Жазуучу жеке өмүрүнө байланыштуу күндөрү жөнүндө өмүрүнүн акырына чейин күндөлүк жазган. Ал күндөлүктөрүн окуп отуруп окурманга пайда келтирчү турмуштук ой туундулары, тарбиясы зор акыл дөөлөттөрү да кездешти. Ошол ой туундуларынын кээ бирин араб жазуусунан кыргызчаласак төмөндөгүдөй ар кандай тематикадагы учкул сөздөр келип чыкты.

Мисалы, Бирөөнү кир жугузбай мактай бериш-анын келечегине көр каздыруу.

Мактоо күч кетирет, сөгүү кубат берет.

Анык адам болсоң бирөөгө жалынба өз күчүңө ишен.

Акмак жоругуна күлгµндүн өзү да акмак.

Жүз акмактын жоругун бир кишиче көрбө.

Кимде-ким дүнүйөгө, дөөлөткө койсо, -ал өзүн жоготуу дей бер.

Ушул өңдүү ар кандай маанидеги учкул сөздөрү да анын чыгармачылык индивидуалдуулугунан дагы бир жакшы тарабынан кабар берет. Андыктан бул чыгармачылыгы да келечектеги изилдөөнүн обьектиси экени анык.

Мукай Элебаевдин эмгектери бир эле изилдөө менен бүтүп калбайт. Ошентсе да биз анын жазуучулук жана пенделик сезим туйгусу менен «чыныгы көркөм адабият» үчүн жасаган адал кызматынан азыноолак маалымат берүүгө аракет жасалды.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Асаналиев К. Көркөм нарк: - Фрунзе: Кыргызстан, 1988. -234 б.

2. Артыкбаев К.Кыргыз адабиятынын тарыхы. –Фрунзе: Мектеп, 1982. -528 б.

3. Бабушкин Ю.Работа В.Вересаева над коротким рассказом. //Вопросы литературы. -1966. -№7. 197 с.

4. Байгазиев С. Жазуучунун чыгармачылык индивидуалдуулугун мектепте үйрөнүү. Мукай жана Жусуп. -Бишкек: Мектеп, 1993. -80 б.

5. Горький М. О литературе. –Москва: Сов.писатель, 1955. -668 с.

6. Добин Е.С. Герой. Сюжет.Деталь.М:-Л., Сов.писатель, 1962.-408 с.

7. Жигитов.С. 20-жылдардагы кыргыз совет адабияты. -Фрунзе: Илим, 1984. -158 б.

8. Жигитов С. Кечээкинин сабактары, бүгүнкүнүн талаптары. -Фрунзе: Адабият, 1991. -248 б.

9. Маликов К.Замандаштарым жана каламдаштарым. -Фрунзе: Кыргызмамбас, 1964. -182 б.

10. Маленов Б.Мукай Элебаевдин чыгармачылыгы. –Фрунзе, 1959.

11. Лайлиева И.Д.Традиции русской классической и мировой литературы в кыргызской прозе. -Фрунзе: Илим, 1988.

12.Толстой Л.Полн. собрание сочинений. Т.13. -М., 1946. -494 с.

13.Одинцов В.В.О языке художественной прозы. Повествование и диалог. –М.: Наука, 1973.

14.Элебаев М. Узак жол. –Фрунзе, -Самарканд: Кыргызмамбас, 1936. -138 б.

15.Элебаев М.Жарыяланбаган чыгармалар. –Фрунзе: Адабият,1990. -320.б.

16.Эркебаев А. «Дагы бир жолу Узак жол тууралуу». //Ала Тоо. -1990. -№12.

17.Чернышевский Н.Г.Полн. собр.соч. Т 3.-М.: Гослит.издат., 1947. 423 с.

18.Үкүбаева Л.Чыңгыз Айтматовдун каармандарынын көркөм дүйнөсү. -Фрунзе: Кыргызстан,1984. -160.б.